ИЮЛЬ - АВГУСТ 2008 №4 (15)
ISSN 1694-5719

Билим булагы

# АК БАШАТ

Руханий, маданий жана адабий журнал

## Абийирсиздиктин жайылышы Алланын каарын келтирет!



# Ассаламу алейкум ардактуу окурман!

АК БАШАТ
Руханий, маданий жана адабий журнал

Жайдын толукшуп турган күнүндө сиздер менен кайрадан жолуктурган Жараткан Алла Таалага чексиз мактоо айтабыз!

«Заманың келет закымдап, тайган иттей такымдап...» деп ак таңдай Арстанбек Буйлаш уулу айткандай, ааламдашуу жараяны адам баласынын ахлагына, турмушуна, жашоого болгон көз карашына, тутунган динине да таасирин тийгизип, тайган өңдөнүп такымдап турган чагы. Илимпоз иликтөөчүлөрдүн, интеллигенция өкүлдөрүнүн айтуусуна караганда «ааламдашуу» жараянынын башталышын дээрлик көпчүлүк ирээнжип сумсайыңкы маанайда кабыл алып, пессимиттик ойдон арыла албай, келечекке үмүтсүз карап калышты.

Бул жараяндын айрым бир өңүтү адампендеҭин напсине майдай жаккандыктан шылтоонун баарын базар экономикасына шылтап салып, «АРАМ» деп эсептелгенине карабастан ойго келбеген, ата-баба угуп-көрбөгөн жосунсуз жоруктарды өздөштүрүп, ал тургай анын мыйзамдаштырылышын талап кылууга өтүштү.

Ак Башат бул санда «ааламдашуу» жана «сойкулук» темаларына басым жасады. Антке-ни, учурдун бул өңдөнгөн эң актуалдуу темалары жана алардын жаман жагы көпчүлүк массалык маалымат каражаттарында айтылбай да, жазылбай да калып келет. Айтылса да тапткыр башка багытта болуп, карама - каршы пикирлердин жаралуусуна себеп болуп келүүдө. Тактап айтканда, адам укугуна жамынып алган айрым мекендештерибиз «сойкулардын укуктары» деп ураан чакырып, аты жаман кесипти мыйзамдаштырууу тууралуу сөз козгой баштады.

Кандай гана болбосун, ар бир адам жашоодо өз максаты, өз аракети менен күн кечирип келет. Бирок, ошол эле учурда адамзат үчүн жашоонун эң сонун үлгүсү катары бардык майда-баратына чейин белгилүү бир тартипке салынган жашоо системасы-ыңгайы тартууланган. Албетте – бул ИСЛАМ. Себеби, Ислам дини ата-эне менен балдардын, улуулар менен кичүүлөрдүн, үй бүлө жана коом мүчөлөрүнүн ар биринин бири-бирине болгон бардык жааттагы мамилелерин, милдет жана укуктарын эң сонун таризде ачык айкын көрсөтүп берген.

Куран – бул бүт нерсенин көрүнөө жана көмүскө тарабын ийне-жибине чейин билген Алла Тааланын сөзү. Куранда «сойкулук» тууралуу «ЗИНАГА ЖАКЫНДАБАГЫЛА!» деп айтылышынын өзү эле анын зыяндуулугунан кабар берет.

Башта айтылгандай Ислам дини сойкуулуктун, зинанын алдын алган чараларды, эрежелерди бекиткен. Жадагалса дарамети ашыптошкандар үчүн төрткө чейин үйлөнүү сыяктуу адал жолду сунуш кылат.

Айрым адамдардын пикирлери менен гана чектелип калбастан элдин да пикирин билели деп «Сойкулуктун мыйзамдаштырылышына көз карашыңыз?» деген суроону ар кандай кесип ээлерине жана ар кандай жаштагы 1000 адамга узаттык. Миң адамдын ичинен 997 адам «Каршымын!» деген жоопту берди. Калган үчөө арсар көз караштагы адамдар болуп чыкты. Ошентип коомчулуктун да сойкулукту мыйзамдаштырууга караманча каршы экени маалым болду.

Ошондуктан Ак Башат журналы бул санда көйгөйлөр менен гана чектелип калбастан буларды чечүүнүн жолу, тактап айтканда, ыйман жана абийир темаларына да басым жасады.

Ошодой эле «Үркүн» окуясынын токсон эки жылдыгына карата, бул маселени кылдат иликтеп тарыхый роман жазган элибиздин белгилүү жазуучусу, Кыргыз эл баатыры Төлөгөн Касымбеков менен болгон кызыктуу маекке орун бердик. Булардан башка дагы көптөгөн кызыктуу маалыматтар камтылды.

Кадырман калайык!

Ак төөнү карды жарылган берекелүү күздүн алгачы айында, Ыйык Рамазандын алдында жылуу маанайда көрүшкөнчө аман болуңуздар. Жайкы эс алууңуздар көңүлдүү өтсүн!

Тереӊ урматтоо менен башкы редактор
Акылбек Халбеков

akbashat@yahoo.com

Июль - Август 2008 №4(15)

Журнал ээси:
"Bashak" ЖЧК

**Редакциялык жамаат:**

**Башкы редактор:**
Акылбек Халбеков

**Жооптуу редактор:**
Абдуррахим Молдогазиев

**Дизайнер:**
Руслан Аруунов

**Редакциялык кеңеш:**
Кенжебек Чыйбылов
Шамшидин Маматкулов
Бакыт Жунусалиев

Журнал КР Адилет министрлигинде катталган.
Каттоо күбөлүгү №1125.
Журналга келген кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Журналга жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Журнал редакциянын компьютердик борборунда даярдалды.

"Из-Басма" басмаканасында басылды
Бишкек шаары,
Шабдан Баатыр көчөсү 4-б

тел: (312) 531125, 533312
www.akbashat.kg, akbashat@yahoo.com,
akbashat@islam.kg



Урматтуу окурмандар!
Ак Башатта аят, хадистер жана Алла Тааланын ыйык ысымдары болгондуктан, журналды ыплас жерлерге таштабаңыздар!

# Мазмуну

**Абдуррахман Хачкалы**
**ИСЛАМ ДИНИНДЕ ҮЙ-БҮЛӨ**...3
**Абдырахман Алимбаев-Баяс Турал**
БИР СУРОО...5
**Нур Саралаев**
ААЛАМДАШУУ-АДАМЗАТ КӨЙГӨЙҮ...7
**Исхак Акылбек уулу**
КУРАН-Ы КАРИМДЕГИ СУРООЛОР...9
**Ак Башат казынасынан**
ЗИНА...10
**Төлөгөн Касымбеков**
АДАМ ЫЙМАНЫ МЕНЕН ИНСАН КАТАРЫ ЖАШАЙТ...11
**Ак Башат казынасынан**
АЗИРЕТИ НУХ...14
**Нeждет Тосун**
КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДА ТАСАВВУФ-СУФИЗМ...17
**Ак Башат казынасынан**
ЖАРАТКАН АЛЛАНЫН ЫСЫМ-СЫПАТТАРЫ...19
**Султан Керим уулу Бектурган**
ОО, ЖАРАТКАН!...20
**Шамшидин Маматкулов**
ТАЛХА БИН УБАЙДУЛЛАХ...21
**Асан Саипов**
ИМАМ МУСЛИМ...22
**Осман Нури Топбаш**
АР-НАМЫС ЖАНА УЯТТУУЛУК...24
**Фархат Юсупов**
КОРАН И ЕГО ИСТОЧНИК...27
**Кубаныч Айдарбеков**
ЖУСУП ХАС АЖИП ЖАНА КУТ ДААРЫТАР БИЛИМ...29
**Бакыт Мурзараимов**
ДИНДЕР АРАЛЫК ДИОЛОГ...30
**Арин Эрматов**
ШАБДАН БААТЫР ЖАНТАЙ УУЛУНУН АДЕПТҮҮЛҮГҮ ЖАНА АЙКӨЛДҮГҮ...32
**Өмер Сейфеттин**
АНТ...34
**Бекин Нарынбаев**
СЫЗДАЙТ ЖҮРӨК...36
**Ак Башат казынасынан**
АКЫЛМАНДАР НАКЫЛЫ...37
**Ашырайым Акматова**
БОЗ ҮЙ КЫРГЫЗДАРДЫН МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХИЙ МАДАНИЯТЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ...38
**Ак Башат казынасынан**
СОЙКУЛУКТУН ДЕН-СООЛУККА ТИЙГИЗГЕН ТЕРС ТААСИРИ...41
**Абдуллах Калабалык**
КАЗАКСТАН...42
**Бакыт Жунусалиев**
ЖЕР ШААРЫ...44

КАБАРЛАР...46
**Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы**
БИЛДИРҮҮ...47
СААМАЛЫК...48



«Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардан бирөө же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга «Уф-ф!» дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө! Аларга мээрим төгүп (Жаратканга алакан жая): Оо, Жараткан Алла! Мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлөй көр... – деп дуба кыл!»

(Исра сүрөсү, 23-24-аяттар).

# Ислам дининде үй-бүлө

Абдуррахман Хачкалы Теология илимдеринин доктору

Ислам дини өзгөчө маани берген маселелердин бири – бул үй-бүлө маселеси. Адамзат урпагынын уучун таза улоо үчүн үй-бүлө куруу өзүнчө зарылдык. Мына ошондуктан Ислам дининде үй-бүлө ийне-жибине чейин иликтелип, ага тиешелүү эреже-мыйзамдар белгиленген. Анда аял менен эркек шарияттын негизинде нике аркылуу гана үй-бүлө түзө алуулары, ал эми мындан сырткаркы (никесиз) бирге болуу байланыштары чоң күнөө катары каралган.

Үй-бүлө тукумдун белгилүү болушу, коомдук биримдик, ынтымак-ырашкерлик, адам баласынын бири-бирине арка-жөлөк болушу өңүтүнөн да зор мааниге ээ. Чынында да, адам баласы төрөлгөндөн тарта о дүйнө салганга чейин мээримдүүлүккө, сүйүүгө, сый-урматка муктаж. Мунун жападан жалгыз уясы үй-бүлө. Өзгөчө бала чакта жана карыган кезде мээримдүүлүккө болгон муктаждыгыбыз күч. Ислам дини тууган-туушкандык карым-катнашка да өзгөчө маани берет. Туугандык карым-катнашты үзүү чоң күнөөлөрдөн болуп эсептелет. Ар бир мусулман баласынын алгач ата-энеге, бир туугандарга, анан жалпы туугандарга карата өз-өзүнчө милдеттери бар.

Келечек муунга рухий дөөлөттөрдү үйрөтүп, өткөрүп берүү өңүтүнөн да үй-бүлөнүн өзгөчө орду бар. Бүгүнкү күнү атайын жүргүзүлгөн статистиканын иликтөөсү боюнча, үй-бүлөсүз өскөн балдардын көпчүлүгү катардагы балдарга салыштырмалуу терс жолдорго, күнөө иштерге алдаканча ийкемдүү болгондугу аныкталган. Демек, көпчүлүк учурда жакшы адам жакшы үй-бүлөдө туура тарбия менен өсүп чыгат. Арийне, үй-бүлөнүн артыкчылыгы муну менен гана чектелип калбайт.

Жакшы коомдун өзөгүндө үй-бүлө турары бышык. Анүчүн үй-бүлөнүн түзүлүшүнө жана үй-бүлөгө байланышкан эреже-мыйзамдарга басым жасалат.

Бүгүнкү күнү жеке адам өңүтүнөн да, коомдук жактан да үй-бүлөнүн мааниси дагы да айкын, дагы да өзгөчө. Ислам дини үй-бүлөгө бөтөнчө көңүл бөлүп, үй-бүлө мүчөлөрү жана туугандар аралык жардамдашуу, арка-жөлөк болуу аракеттерин коомдук биримдиктин, ынтымак-ырашкерликтин негизи катары караган. Үй-бүлө курууну укуктук негиздерге бекиткен. Бул багытта жүзөгө ашуу ыктымалы бар катачылык-мүчүлүштүктөргө, калыссыздыкка жол ача турган иштерге кескин бөгөттөрдү койгон. Ислам үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө өз-өзүнчө укуктары менен бирге милдеттерин кошо берген. Жубайлардын бири-бирине болгон укук-милдеттери, ата-эненин

балага болгон укук-милдеттери жана ошондой эле баланын ата-энеге болгон укук-милдеттери Куранда ачык-айкын белгиленип, өзгөчө басым жасалган. Ислам дини үй-бүлөгө, никеге байланышкан диний, адеп-ахлактык жана укуктук эрежелерин белгилеген. Үй-бүлөнү адам баласынын заттык-руханий муктаждыктары жана өсүп-өнүшү үчүн өзүнчө зарылдык катары кабылдаган. Ошондой эле руханий жактан да, материалдык жактан да жеткилең коомдун эң иридеги шарты катары ыйманга сугарылган үй-бүлөнү эсептеген.

Ислам growth динде үй-бүлө төмөнкү эрежелерге негизделген:

1. Үй-бүлө куруу: үй-бүлөдөн бакыт, бейпилдик табуу үчүн, эл керегине жараган, мекенге кызмат өтөй турган туяк калтыруу, коомдун, дегеле адамзатынын илгерилеши, өсүшү үчүн үй-бүлө куруунун мааниси айтпаса да айкын.

Адам баласынын үй-бүлө курууга болгон муктаждыгы жөнүндө аяттардын биринде: **«(Алла Таала) Бейпил өмүр сүрүүңөр үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго сүйүү отун тутандырышы да – Анын бар экендигине өзүнчө жышаана»** (Рум сүрөсү, 21) – деп буйрулат.

Адамзаада жубайы менен бейпилдик табат, бакыттын даамын сызат. Эң зарыл муктаждыктарды үй-бүлө коломтосунан күтөт. Адам баласы бул дүйнөгө мээримге, сүйүүгө, нары аяр, нары жылуу мамилеге ашкере муктаж болуп көз ачат. Жубай болуунун, ата-эне болуунун, балалуу болуунун бактылуулугу үй-бүлөнү бөтөнчө кутка бөлөйт. Адам материалдык жана руханий жактан муктаж болгон жылуу мамиле, урмат-сый, сүйүү, таалим-тарбия сыяктуу жагдайлар ыйман ырыскысы менен береке-кутка тунган үй-бүлө очогунда камсыздалат. Дин Ислам мына ушундай ыйман нуру менен жаркыган үй-бүлө курууну ибадат катары эсептейт. Асыресе, муну Жаратkan Алланын алдында мусулман баласы үчүн өзүнчө озуйпа деп билет. Ислам growth динде адам баласы эне курсагына түшкөндөн тарта адамдык кадырын табат. Ал бала чагында болобу, жаш чагында болобу, карылык кезинде болобу, айтор, ар качан аяр мамиле көрүшү керек. Адам дайыма жылуу мамилени самайт.

Демек, бала багуу – тек аны курсагын тойгузуп, кийинтип, материалдык муктаждыгын гана камсыздоо эмес. Аны сүйүү сезими менен багуу да адамдын жан азыгы. Үй-бүлөнүн кутуна, береке-сүйүүсүнө тек балдар гана эмес, жубайлар да муктаж. Алар да сүйүү-бейпилдикти үй-бүлөнүн кутунан табышат.

Адам карыган кезде да үй-бүлөгө, сүйүү-мээримге муктаж болот. Оомал-төкмөл дүйнөнүн оош-кыйышында далай кыйынчылык-машакаттарды баштан кечирген адам баласы карылык куракта өз бүлөсүнүн кутуна тунгусу келет. Куранда ата-энеге жылуу мамиледе болуу, моюн сунуу зарылчылыгы баса белгиленет: **«Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардан бирөө же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга «Уф-ф!» дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө! Аларга мээрим төгүп (Жаратканга алакан жая): Оо, Жараткан Алла! Мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлөй көр... – деп дуба кыл!»** (Исра сүрөсү, 23-24).

2. Мусулман үй-бүлөдө ар ким өзүнүн милдетин ибадат түшүнүгү менен орундатышы керек.

3. Үй-бүлө туура ишенимге ээ болушу керек. Бул эң ириде үй-бүлө кожоюнунун милдети. Бул багытта Куранда:

**«О, адамдар! Өзүңөрдү, үй-бүлөңөрдү отуну адамдан жана таштан чогултулган тозок отунан коргогула...»** (Тахрим сүрөсү, 6) деп буюрулат.

4. Ата-эненин максаты – үй-бүлөсүн Исламдын изги ахлагы менен көрктөө болушу зарыл.

5. Жар тандоодо үй-бүлөнүн куту, бейпилдиги, балдарынын ыймандуу болуп чоңойушу, элге-журтка ак кызмат өтөй турган бала тарбиялап өстүрүү сыяктуу аруу ой-тилектер эске алынышы кажет. Азирети Пайгамбарыбыз ал үчүн ыймандуу жар тандоо керектигин билдирет. Куттуу хадистеринин биринде: **«Момун-мусулман адамга Алладан коркуу жана ага моюн сунуу (ыйманга келүү) бактысынан сырткары ыймандуу жубайчалык насип ыроолонгон эмес...»** (Ибни Мажа, Никах, 5).

6. Үй-бүлө коломтосун өчүрүп албоо үчүн жубайлар күчүнүн жетишинче жакшы ниет, жакшы тилек менен кадам шилтөөлөрү керек. Үйлөнгөн соң жубайлар бири-биринин акы-укугун, ар-намыс ариетин аруу сактоого милдеттүү. Жубайлар айрым бир катачылыктарды туура кабылдап түшүнүктүү болуулары абзел.

7. Ислам growth динде аял-эркек, ата-эне жана балдар ортосундагы акы-укуктар, милдеттер ачык-айкын белгиленген.

8. Ислам никесиз жакындашууга кескин түрдө тыйуу салгандыктан, асыресе, ага жол ача турган жагдайларга да бөгөт койгон. Аял затынын жарым жылаңач жүрүшү, аял-эркек аралаш көңүл ачуулары жана аял-эркек бири-бирине делебе козгоочу көз менен назар салуулары сыяктуу.



"Биздин ата-бабалардын салты, карманган жолу боюнча, эч бир аял көчөдө эрсиз калбаш керек, ал ар кайсы жактан, социалдык жактан корголушу керек".

Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, жазуучу, тарыхчы

# Абдырахман Алимбаев-Баяс Турал

- Агай, кыргыздын тарыхында сойкулук деген нерсе болгонбу, учурда чоң көйгөйлөрду жаратып жаткан бул кейиштүү ишти кантип жоюга болот?

- Биринчиден эми ушул сойкулук темасы жөнүндө айтканда, кыргыз кыргыз болуп жаралгандан бери кыргыздын тарыхында сойкулук деген маселе болгон эмес. Бул өтө бир татаал, өтө бир кейиштүү жагдай. Биз бир караганда бүгүнку күнду цивилизациянын деңгээлинде жашап жатабыз деп атабыз, бирок, ошол эле учурда өтө асыл бир сапаттарыбызды, касиеттерибизди жоготкон кейиштүү бир абалга туш келдик. Кыргыз элинин аты

эң байыркылардан болуп, көзү тирүү сакталып келаткан эл катары, айталы, кытай, арап, перс жазма булактарындагы же болбосо кийинки орус империясы басып кирген учурларда орус офицерлеринин күндөлүктөрүн, саякатчыларынын жазгандарын карай турган болсок, ушулардын эч бир жеринде кыргыз жөнүндө анын артта калгандыгы, сабатсыздыгы боюнча айткандыр, бирок ал кыргыздын аялынын сойкулугу жөнүндө эч бир жерде айтылган эмес. Ошондой бир мамлекети жок мезгилдерде кыргыз өзүнүн абийирин, намысын сактап жашап келсе, эмне үчүн бүгүн өзүнчө мамлекет болуп турган учурда ошондой бузукулукка тушугуп жатабыз деген өтө чоң суроо бар. Бул өтө кейиштүү суроо. Мен кыргызмын деген ар бир адамды чочута турган суроо.

Эгерде сойкулук цивилизациянын бир атрибуту боло турган болсо, анда мындай цивилизацияга баруунун кажети жок. Европанын цивилизациясы адамды тарбиялоодо балким, бизге керек эместир. Биз ушул жөнүндө ойлонгон, ушул жөнүндө жазган жерибиз жок. Айрымдар батыш цивилизациясынын илимий-техникалык жетишкендиктерин бетке кармап, коомдогу бузулуп жаткан көп нерсени бизге таңуулап атат. А биздин жаштарыбыз болсо, ал нерселерди билбей ошол батыштын эмнесин болсо да туурайбыз деп анын туткунуна айланууда.

Эми жалпылап айтканда, мындай бир кыргыз аялдарынын талаада калганы, же болбосо бузулуп кеткени жөнүндө маалыматтар эч бир чет элдик булактарда дагы, кыргыз элинин ичинде сакталып келе жаткан оозеки булактарда да айтылган эмес. Кыргыз өзүнүн ушул эркек адамын дагы, аялзатынын дагы ушул эле биологиялык жактан да, социалдык жактан да талаптарын абдан караган. Биздин жанагы орус көз карашындагы кайбир адамдар көп аялдуулук жөнүндө болгондо бул артта калгандык, аялдын укугун кордогондук деген ар кандай сөздөрдү айтып атышат. Бирок, тескерисинче биздин ата-бабалар дал ошол аялдардын укугун коргоп, аялдын укугун өйдө көтөрүп, аларды басынтпай, кордобой, аларды тентитип жибербей, балдарын жетим калтырбай, өздөрүн жесир калтырбай караган. Анан эми бүгүнкү күндөгү кыргыз кыздарынын көчөдө туруп калгандыгы, аңкоо эркектерибиздин кыздарды ошол жолго түрткөндүгү өтө бир кейиштүү иш. Жеке мен өзүм муну чоң трагедия катары кабыл алам. Анан эми жанагындай публичный үйлөрдү ачуу жөнүндөгү маселе болгондо, мен айтаар элем, эгерде биздин ата бабалар салган жол менен кете турган болсок, анда эч кандай публичный үйлөрдүн кереги да, кажети да жок. Бул жорукка баруунуу – нечен кылымдардан бери келаткан улутубузду, рухий баалуулуктарыбызды тебелеп-тепсегендик деп эсептейм. Өзүбүздүн ата-бабалар ушул маселелерди кандай жолдор менен чеччү эле, ошону бүгүнкү күнгө алып чыгыш керек. Ошондо анан көчөдө турган кыз-келиндер да болбойт, кыз-келиндер маселеси да чечилет. Эркектер да ошого жараша өз жоопкерчилигин аныктайт.

Биздин ата-бабалардын салты, карманган жолу боюнча, эч бир аял көчөдө эрсиз калбаш керек, ал ар кайсы жактан, социалдык жактан корголушу керек. Ал дал ошол мезгилдер мажбурлаган учурларда өзүнүн генефондун сакташ үчүн, өзүнүн тукумун сакташ үчүн, өзүнүн улутун сактап калуу үчүн кыргыздар дал ошол маселе менен жана көп аялдуулук маселеси аркылуу жеңесин кайнисине кыйдырып алып калуу, же болбосо иниси каза болуп калган учурда келинин кайнагасына кыйдырып алып калуу аркылуу жетим, жесир деген социалдык көйгөйдү ушундай жолдор менен чечишкен. Мындай фактылар биздин санжыраларда толтура. Эгерде керек болсо мен атайын жыйнап туруп, кайсы учурда болсо да айтып берүүгө даярмын. Ошон үчүн биздин жол жөнүндө биздин ата-бабалардын салты жөнүндө бурмалап айткан орустардын совет мезгилиндеги идеологиясынын көбү туура эмес, биздин аялдар, чыгыш аялдары жөнүндө айткан сөздөрдүн көбү туура эмес. Биз өзүбүз ага батыш-чыгыш элдеринин көз карашы менен карап, ошол убакта өзүбүздүн көз карашыбыз менен анын туура же туура эмес экенин аныкташыбыз керек. Ушул күнгө чейин ага анализ бериле элек.



# Ааламдашуу- адамзат кейгөйу



Нур Саралаев философия илимдеринин доктору, профессор

"Коом болмушунун жашоо жана өнүгүү стихиясындагы инсандын акыл-эси, нравасы адам баласын кандайдар бир философиялык, диний ой толгоого түртпөй койбойт. Эмне үчүн деген суроонун өзүнө жооп тапсаң, ал кайра эмне үчүнду жаратат".

Коом биосоциалдык бир бүтүн система катары каралып өзгөчө мыйзам ченемдүүлүккө ээ. Анын өнүгүшү жөнөкөйдөн татаалга, төмөндөн жогору карай мүнөздө болуп, коомдук кыймылдын механизмдери адам фактору менен байланышкан. Адам фактору демекчи – бул ар бир коомдук системада түрлүү шарттуулуктар жана процесстердин натыйжалары катары, жаратылышка, коомдун материалдык, руханий абалына оң таасирин тийгизип илгери сүйрөшү мүмкүн, ошол эле учурда терс таасирин тийгизип артка тартышы да мүмкүн. Коомдогу болуп жаткан жана болгон процесстер адам факторунун суммасы катары геометриялык процесске келип такалат. Эң башкысы инсандын биосоциалдык системадагы акылы, кулк-мүнөзү, нравалык мамилелери. Адамзаттын ар бир өнүгүш баскычы проблеманы жаратып туңгуюкка алып келиши да мүмкүн, же болбосо ачык бир жолго салышы да мүмкүн. Өткөн тарыхка кылчайып карасак, нелер гана болбогон. Коомдук жана жаратылыштык катаклизмдерге өтө бай. Өзгөчө жыйырманчы кылымда илим менен техниканын, технологиянын өнүгүшү адамзатка өзгөчө бир мүнөздөгү жалпы трагедияны алып келбеди, коомдун өнүгүшүн, багыттарын тездетпеди.

Бүгүнкү шарттагы болуп жаткан процесс, тенденциялардын калыптаныш булактарын, себептерин өткөн кылымдын натыйжасы катары карообуз абзел.

XX кылымдын тарыхтагы ордун дүйнөлүк согуштар менен жана коомдун эки башка системасынын пайда болуп, анын 90-жылдардын башында ыдырашы менен байланыштырып, алардагы окуяларды көз алдыбызга тартып, бираз ой жүгүртсөк, инсан жана инсаният не деген ааламат акыл-эс сыя турбаган трагедияларды башынан өткөрбөгөн.

Коом болмушунун жашоо жана өнүгүү стихиясындагы инсандын акыл-эси, нравасы адам баласын кандайдар бир философиялык, диний ой толгоого түртпөй койбойт. Эмне үчүн деген суроонун өзүнө жооп тапсаң, ал кайра эмне үчүндү жаратат.

Кечээ эле социалисттик система биринин аркасынан бири кыйрап, адам укугун тепсеген административно-тоталитардык бийлик ыдырап, тарыхтын таштандысында калып жаңы доорго умтулуу башталганда «өх» деген кандайдыр бир улутунуу болгон. Бул сөз өткөнгө карата айтылганбы же болбосо келечектин туруксуздугуна, шектүүлүгүнө багышталганбы туюнтуп айтуу белгисиз.

А бүгүн чырмалып, чиелешкен проблемадан чыга албаган ааламдашуу (глобализация) саясатына келип такалдык. Анын проблемалары чоң жана кичине улуттун келечек тагдырына карабай, ойлогон оюнан жеген тамагына чейин өзүнүн таасирин тийгизүүдө.

Ааламдашуу деген эмне?

Бул саясаттын негизин базар экономикасы түзүп, ал адамзатты кандайдыр бир окшоштукка, бир

жактуулукка, жалпылыкка багыттайт. Бирок бардык мамлекеттер бир мезгилде тең кире алабы, бул башка маселе.

Майда улуттун алдыңкы интеллигенциясын ойлонткон суроо «Биз эмне жана ким болобуз?». Ааламдашууга кирүү шартпы же шарт эмеспи? Ааламдашуунун келечеги биз үчүн белгисиз. Бирок, башталыш этабы адамзатты иренжитүүгө, келечектен түңүлтүүгө, пессимисттик психологияга түрткү берүүдө.


Биздин оюбузча ааламдашуунун эң башкы факторлорунун бирине массалык маалымат информациясы кирсе, экинчи жагына базар экономикасы. Азырынча бул экөө инсандарга карата деградация функцияларын аткарууда.

Канткенде биз руханий дөөлөтүбүздү, ыйык ишенимибизди, салт-санаабызды, үрп-адаттарыбызды, улуттук белгилерибизди сактап кала алабыз?

Эмне үчүн кээ бир мамлекеттер, улуттар ааламдашууга көңүлкоштук мамиле кылууда?

Ааламдашуудан пайда барбы, мындай өткөн тарыхтарда болгонбу, же океандын ары жагынан ойлонуп табылган, улуттарды жок кылууга багытталган геосаясатпы?

Коомдогу ар кандай бузукулуктун формаларын, типтерин эмне түзөт? Экономикабы, социалдык абалбы же бийликтин мажестигиби, же адамдын өзүнүн генасында кандайдыр бир четтөө (уклонение) барбы?




ММК жана базар экономикасы коомдун башкы фундаменти саналган адеп-ахлакка терс таасир тийгизип өсүп келе жаткан муундарды жаман жолго түшүрүп бөлүп жаруу кулачын жайууда.

Адеп-ахлактын бузулуусунун натыйжасында, өткөн бир чакта улуттар, империялар жок болгон.

Биздин Кыргызстандагы улуу-кичүүнүн адеп-ахлагынын бузулушу ар бирибизди ойлонтпой койбойт.

Экономиканы, социалдык абалды жакшыртып, динди жайылтуу менен биз кутула алабызбы?

Жогорудагы суроолорго окурмандар жооп айтаар, убакытка жараша мен дагы бир кайрылаармын.

# КУРАН-Ы КАРИМДЕГИ СУРООЛОР

Исхак Акылбек уулу

Суроо салуу – пикирлердин өөрчүшүнө шарт түзүү, ой калаасынын каалгасын ачуу, көңүлдү тойгузуу үчүн акылды чаалыктыруу...

Куран адампендеге ээн баш ташталбаганын олуттуу суроолор аркылуу эскертүү берип келүүдө. Бүт нерсени Алла жаратканын жана Анын чындык экендигин көзгө көрүнгөн бүт нерседен көрүүгө болорун жүздөгөн аяттар аркылуу какшап келет, адамзаада акылына келсин, ой жүгүртсүн, шүгүр кылсын деп.

Аяттарды окуган сайын ыйманы ташкындаган ардактуу окурмандарыбызга Курандан адамга берилген суроолор жыйнагынын бир бөлүгүн сунуш кылабыз:

«(Мухаммед!) Көрбөйсүңбү: асман, жердеги бардык нерселер, Күн, Ай, жылдыздар, тоолор, дарактар, айбанаттар жана адам баласынын көбү Аллага сажда кылат. Ошондой эле, алардын көбүнө азап буйрулган. Алла кимди кордогон болсо, андан ары эч ким анын кадырын көтөрө албайт. Шек-күмөнсүз Алла каалаганын жасай алат!»

(Хаж сүрөсү, 18-аят).

«Ичип жаткан сууңарга назар салдыңарбы? Аны булуттан силер түшүрдүңөрбү же Биз түшүрдүкпү? Эгер кааласак, аны туздуу кылып коймокпуз. Шүгүр кылбайсыңарбы?»

(Вакиа сүрөсү, 68-70-аяттар).

«Чындыгында абалкы жаратууну билесиңер. Сабак албайсыңарбы? Эмнени эккениңенди билесиңерби? Аны силер өстүрөсүңөрбү же өстүрүүчү Бизби?»

(Вакиа сүрөсү, 62-64-аяттар).

«Биз ага эки көз бербедикпи? А тили жана эриндеричи? Биз ага туура жана жаңылыш болгон эки жолду көрсөтпөдүкпү ыя?»

(Балад сүрөсү, 8-10-аяттар).

«Эй, адамдар! Алланын силерге берген жакшылыгын эстегиле! Силерге асман-жерден ырыскы бере турган Андан башка Жаратуучу барбы?»

«Эй, инсан! Өзүңдүн Жоомарт Эгенден (алыстоого) эмне түрткү болду? Ал сени кынтыксыз жаратып, анан сага келишимдүү келбет берген эле»

(Инфитар сүрөсү, 6-8-аяттар).

«Ал тыйып койсо, силерге башка ким берет ырыскыны?! Жок! Алар балким тоңмоюндук кылып, жийиркенип, кашайып жатышкандыр?!»

(Мүлк сүрөсү, 21-аят).

«Алла Тааланын жердеги нерсени жана агымга туруштук бере албаган кемелерди Өкүмү менен силердин кызматыңарга бергенин жана асмандын түшүп кетпей (Анын) өкүмү менен ордунда турганын көрбөй жатасыңарбы? Чындыгында Алла Таала –адамдарга Ырайымдуу жана Боорукер!»

(Хаж сүрөсү, 65-аят).

«Андай болсо Алланын кайсы жакшылыгын чангың келет?!»

(Нажм сүрөсү, 55-аят).

«Көрбөйсүңөрбү, акыйкатта Алла асмандан жамгыр жаадырып, аны жер бетиндеги булактарга кошту. Анан, ал аркылуу түрдү-түмөн эгиндерди чыгарат. Анан (мезгил ыргагына жараша) алар куурап, саргайып калганын көрөсүң, анан аны Алла күкүмгө айлантат. Мында акыл ээлери үчүн эскертүү бар!»

(Зумар сүрөсү, 21-аят).

«Жараткандын түндү күндүзгө киргизгенин жана түндү күндүзгө киргизгенин, Күн менен Айды баш ийдиргенин, алардын ар бири белгиленген убакытка карай бара жатышкандыгын жана силердин бардык иш-аракеттериңерден Алланын кабардар экенин билбейсиңерби?» (Лукман сүрөсү, 29-аят).

«Адамдар «Биз ыйман келтирдик» деп коюп сыноодон өтүп кетээрин ойлоп жүрүшөбү?»

(Анкабут сүрөсү, 2-аят).

«Бийикте катарлашып, канаттарын жайып учкан канаттууларды көрүшпөйбү?! Аларды көктө жалгыз Мээримдүү Алла гана кармап турат. Чындыгында Ал бардык нерсени көрүүчү!»

(Мүлк сүрөсү, 19-аят).



# ЗИНА

«Зинага жакын жолобогула! Анткени ал өтө ыплас, жаман жол»
(Исра сүрөсү, 32 - аят).

Дин Исламда никеден сырткаркы жыныстык катнаш «зина» деп аталып, арам өкүмүндөгү оор күнөө болуп эсептелет.

Ислам дини адамдын табигый муктаждыктарына, анын ичинен жыныстык муктаждыгына карата кайдыгер мамиле жасабайт. Ал шарияттын негизинде баш кошуп коломто отун тутандырып кетүүнү буйурат. Бул өңүттөн Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жыныстык катнаштан такыр оолак болууга тыйуу салган (Бухари, Никах, 8). Баш кошуу жеке адам өңүтүнөн сүннөт болсо да, жалпы коомчулук өңүтүнөн парз-ы кифая болуп саналат. Себеби муундун уланышы талашсыз талап.

Ырасында, адам баласы өз жубайы менен бейпилдикке жетет. Бул адамдын табиятына да, адамдык арууликка да шайма-шай келет. Ал жыныстык муктаждыгын адал жол менен, б.а. шарият мыйзамына ылайык нике жолу менен орундашы керек.

Адамдык бийик сапаттарга бай киши баласы делебе-арзуусунун артынан сая кууп, напсинин туткунуна айланбашы кажет. Куран менен сүннөт ошол себептен адам баласын үй-бүлө курууга чакырат. Адам жыныстык катнашты же башка напсилик арзууларды жашоонун эң маанилүү жападан-жалгыз түркүгү катары кабылдабашы кажет. Напсилик арзууларга туткун болуу жеке адамга да, жалпы коомчулукка да зыянын тийгизет. Мусулман баласы табигый муктаждыктарын адал жол менен камсыздап, Жаратканга жакын кулпенде болууга, Алланын алдына жарык жүз менен барууга күчүнүн жетишинче жанүрөй аракет кылышы кажет. Аял болобу, эркек болобу, айтор, ар бир адам өзүнүн намысына бекем туруп, адамдык арууулугун сакташы керек.

Исламда зинанын өзүнө да, зинага жол ача турган жагдайларга да тыйуу салынган. Ошондуктан мусулман адам эң ириде намысын сактап, адамдардын напсилик арзууларын ойготпой турган таризде кийинип, аял болсун, эркек болсун, көздү арамдан оолак тутуп коргошу зарыл.

Нур сүрөсүндө мындай буюрулат: **«(Мухаммед!) Момундарга айткын: «(Ар кайсыл аялдарды карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын, уяттуу жерлерин (жыныстык катнаштан) сактасын! Бул (күнөөдөн таза жүрүүлөрү үчүн) өздөрүнө эле жакшы. Арийне, Алла Таала ар бир ишиңерден Кабардар!» Момун аялдарга да айткын: «(Ар кайсыл эркекти карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын жана алар да уяттуу жерлерин (жыныстык катнаштан) сактасын! Сулууларын көрсөтпөсүн, (шариятта уруксат берилген) көрүнүп турган жерлеринен башкасын. Жоолуктарын көкүрөгүнө чейин жаба салынышсын!...»** (Нур сүрөсү, 30-31) Мына ошентип Ислам дини зинанын алдын алуу үчүн ар түрдүү чараларды көргөн.

Зина коомчулукта сойкулуктун жайылышына, коомдун бузулушуна, үй-бүлө коломтосунун өчүшүнө, күнөөсүз балдардын ата-энесиз чоңойушуна, мындай балдардын туура эмес жолдорго түшүүгө ийкемдүү болушуна, тукумдун бузулушуна, тууган-туушкандык байланыштардын үзүлүшүнө, жугуштуу оорулардын көбөйүшүнө, аялзатынын буюм сыяктуу сатылып-кордолушуна, адамдык арууулугун жоготуп ар-намыссыз өмүр кечирүүлөрүнө, «адамдык сапат» дегенди уккан-да жомок катары кабылдап күлкүсү чыгып калышына ж.б.у.с. толуп жаткан терс көрүнүштөргө жол ачат. Бул багытта Жараткан Алла адам баласынын түбөлүк бактысы үчүн жөнөткөн Ыйык Куран китебинде: **«Абайлагыла! Зинага жакын жолобогула! Анткени ал өтө ыплас жаман жол»** (Исра сүрөсү, 32) деп буюрган.

Ак Башат казынасынан



# «Адам ыйманы менен инсан катары жашайт!»

Кыргыз Эл Баатыры,
Кыргыз Эл жазуучусу

## Төлөгөн Касымбеков

Үркүн окуясына токсон эки жыл болгонуна байланыштуу, бул жаатта атайын тарыхый роман жазган элибиздин көрүнүктүү жазуучусу, Кыргыз Эл Баатыры, Кыргыз Эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков менен маектештик. Төлөгөн аба жетимиш сегизге чыгып улгайса да карылыкка моюн сунбай дале болсо чыгарма жаратуунун үстүндө иштеп жатыптыр. Сукбат куруп жатып Төлөгөн абанын сөзүндө угуттуу тереңдик да, бийиктик да бардай сезилди мага. Кээде тыңсынган көп пенделердин сөзүн бир күн кечке тыңдасаң да, баягы ышпалдасы чыккан жалпы Добуштун тааныш кайрыктарын угуп, кур десе тырнакчалык сезимге жугар сөз таппай чыгасың.

Мага... Төлөгөн абанын ар бир айткан сөзү ушул жалпы Добуштун арасындагы өзгөчө үндөй, өзгөчө акыйкат көз караштай туюлду.

Жылдыздай бийик сөздөргө чаң жукпасын билерсиң, окурман. Анда, бүгүнкү төрмаекке назар салыңыз...

**- Ассаламу алейкум. Агай маегибизди чыгармачылыгыңыздагы жаңылыктар менен баштасак. «Кыргын» аттуу китебиңизден кийин учурда кайсы чыгарма менен алектенип жатасыз?**

- Мен башынан баштайын. Сынган кылычты 26 жашымда баштагам. 1966-жылы биринчи жолу 80 миң тираж менен жарыкка чыгардык. Сынган кылычты улантып олтуруп 2005-жылы 74 жашымда «Кыргын» деген роман менен аяктадым. Кыргын деген роман 1916-жылдагы каргаша жөнүндө жазылган. Учурда Кыргындан кийин 7 томдук жыйнактын үстүндө иштеп жатам. Бул жыйнакта «Сынган кылыч» эки томдон турат. Андан кийинкиси «Келкел», «Баскын», анан майда чыгармалар; «Адам болгум келет», «Кичинекей жылкычы», эң акыркысы «Кыргын». Кудай буюрса сентябрда колубузга тийип калат деген жакшы үмүтүбүз бар.

Мындан тышкары, бүгүнку күндө «Өткөн өмүр, көргөн күн» деген өздүк мемуарым, тактап айтканда, мемуардык роман бышып, чыгары жакындап калды. Бул эмгек эки томдон турат.

- Сиздин оюңузча ошол учурда «Үркүн» каргашасын болтурбоого кандайдыр бир мүмкүнчүлүктөр бар беле?

- Бул каргашаны болтурбай койууга эч кандай мүмкүн эмес болгон. Кыргыздын далайынын башын жуткан бул кыргын атайын мамлекет тарабынан уюштурулган. Муну жалаң эле орус жасаган эмес, ошол оруска ыктаган, жашоосунун жыргалын көздөгөн кыргыздын айрым бир «тың чыкмалары» көмөк болгон.

Анан эми биз үркүн тууралуу айта турган болсок, «Үркүн» деген сөз - бул өтө жеңилдетилген сөз. Дал ошол мезгилде биздин эл карышкырдан үрккөн койлордой болуп үркүп эле бир тоону ашып, анан таланып калган эмес. Биздин эл өкүлдөрү бир мерте ошону «үркүн» деп аташты. Бул окуя үркүн эмес, кыргын болгон. Ошондуктан мен муну атайын «Кыргын» деп жаздым. Кыргын башталганда дагы тетиги Аксыда башталган. Андан кийин өтө жаманы мына ошол Боом капчыгайынын ичинде болгон.

16-жылкы кыргында элди мынабу Чүй боорунан кубалап барып, Боомдун оозунан киргизип тиги башына чыккыча, кыргыз атпайды ат менен тебелетип, мылтык менен атып, таш менен уруп сөөккө толтуруп таштаган. Тайгак ашуу, тар кечүүлөрдө да кайран кыргыздын далайы кырылып кетти.

Бир жолу биз ошол жакка барып чогулуш өткөздүк. Ошол жерден көп адамдын сөөгүн көрдүк. Кыргыздар сөөктөрдү ыйлап жүрүп чогултуп ошол жерге көмүштү. Бул үркүн эмес, эч кимге эч кандай жамандык кылбаган элди бала-чака, катын-калач дебей бүт баарын атайылап уюштурулган кыргын. Менин иликтөөм боюнча, анда атайын туш-тушунан аскер менен башынан этегинен тороп туруп кырган.

Ошентип «Кыргын» менин эң акыркы чыгармам болду. Ошол, мен канча күн көрбөйүн, канчага чыкпайын, канча иш кылбайын, менин көңүлүмдө Алла Таала, Анын жардамы, жакшы адамдардын, жакшы элдин деми деген нерсе жашап келет. Канчалаган тоскоолдуктарга карабастан мен эч убакта өз элимдин, өз журтумдун дининен, аны сактап турган ыйманынан кайткан жокмун.

- Үркүн окуясынан биз кыргыз эли сабак ала алдыкпы? Эгер сабак ала албаган болсок, анын күчтүү таасирин азыркы муун эмнеден улам сезе албай калдык? «Кыргын» окуясына 92 жыл болду. Бүгүнкү күндө бул окуя тарыхый баасын ала алдыбы?

- Бул окуя тарыхый баасын ала элек. Алмак түгүл ошолорго боор тартып жүргөн кишилер бар. Кыргыз тилинде сүйлөп жүрүп кыргызга душман кишилер бар. Бул окуяга азыркы жаштардын кайдыгер карашына биздин басып өткөн саясий, тарыхый жолубуз бөгөт болду. Ал кездеги көзөмөлдү, кысымды өзүңөр жакшы билесиңер. Андан кийинкилер коркок билиштик кылып кыргынды жеңилдетип, бас-бас кылып олтурса бул каргашанын чымын чакканчалык таасири калбай калат. Бул жосунга абдан ззэним кейийт.

- Төлөгөн аба, ыйман маселесине кандай карайсыз?

- Эми кыргыздарда ар кандай эл жашайт. Ар кандай жашта, ар кандай ой-санаада. Мен өзүмүн атамдан алган таалимим боюнча, жазган китептеримде эч убакта ыйманга шек келтирген эмесмин, Алла Таалага, ыйманга, башкача айтканда дин маселесине келгенде ошол атамдан алган таалимди бекем кармадым. Себеби адамда ыйман болбосо, анда эч кандай адилеттик, же болбосо мындай бир тазалык болбой калат. Адам ошол ыйманы менен, дини менен инсан катары жашайт.

- Жетимиш жылдык Совет доорунан кийин кыргыз эли эркиндикке жетишти. Өзүңүз билгендей бул улуу эркиндик менен кошо кыргызга көптөгөн жакшы-жаман өзгөрүүлөр келди. Мына ошол өзгөрүүлөрдүн ичинен кыргыздын нарк-насилине, эркиндигине балта чаба турган кандай терс көрүнүштөр сизди кейитет?

- Мына ушу кезге чейин кыргыздын экиге, үчкө бөлүнүшү, мындайча айтканда бөлүнүү дарты мени абдан кейитет. Бул баланча жерлик, түкүнчө жерлик деп кыргыздын жаман эски адаты калбай келе жатат. Эми менин оюмча, Кудай буйруса, муну калтырыш үчүн дагы кыргызга мусулманчылык керек, ыйман керек. Эгер биз ыйманды бекем сактабасак, анда элди экиге, үчкө бөлүү, бөлүнүп-жарылуучулук, ит арка тартып ырылдашуулар, уруучулдук басылбайт. Уруучулдук болгон жерге ынтымак уялабайт. Ынтымак уялабаган жерде өнүгүп-өсүү болбойт.

Бизди, улууларды кейиткен, коркуткан дагы бир нерсени айта кетейин – ал жакшы-жаманды, арам-адалды ылгабагандык. Баарын жаңы заманга, ааламдашууга шылтап коюу түркөйлүк. Жаңынын жакшысын алып, жаманын жээрий албай, тескерисинче жаманына кол созуп жатышат азыркы жаштар. Анткени, азыркы жаш муун эртеңки биздин келечегибиз. Келечегибиздин ушундай алаамат жамандыкты, арамдыкты ылгабашы кыргыздын келечегинин кооптуулугунан кабар берет.

- Өзүңүз билгендей ааламдашуу жараяны албууттанган селдей ыкчам каптап келатат. Айрым бир дүйнөлүк серепчилердин айтымында, бул жараяндын кесепети кээ бир майда элдерди алардын тили-дили менен кошо жок кылып жиберүү коркунучу бар экен. Кылымдарды карыткан кыргыз эли мына ушул коркунучка туруштук бере алабы? Туруштук берүү үчүн кандай өзгөчөлүктөрүбүздү сактап, өнүктүрүшүбүз керек?

- Туруштук бере алат деп ойлойм. Себеби кыргыз элине 16- жыл, 37-жыл кандай гана оор ачарчылык, кандай коогалаң турмуш алып келген. Кыргызым ошонун баарын башынан кечирип келген эл. Андан мурункуларын айтпай эле койолу. Кыргыз ошондо да жапатырмак

тик турган. Ыйманын сактаган, дилин таза туткан, беш убак намаз окуган, мына тазалык. Анан кийин ачарчылыкта, эркектин дээрлик көпчүлүгү согушка кетип бүт кыз-келин, аялдар машак терип, кыргыздын тукумун сактаган. Анан согуштан курман болгондордун жубайын кайын агасына же кайнисине баш байлады кылып, тукумду тепсетпейли деп акылмандык менен чечишкен. Мына ушундай ажайып улуулук кыргызды сактап, кыргыздын өмүрүн ушуга чейин сак-саламат алып келген. Кудайга шүгүр, балдар моминтип чоңойуп, өсүп, доктор, профессор, академик болуп атат. Бул деген жакшы жетишкендик да.

Мындай кырдаалда биз эки нерсени сакташыбыз керек. Биринчиси –мусулманчылык, ыйманыбыз, экинчиси – Манасыбыз. Анткени мусулманчылык – Ислам дини илгертен бери мына майда урууларды бириктирип келе жаткан биримдиктин, өнүгүп-өсүүнүн, дегеле жакшылык атпайдын бешиги. Мына ушул нерсе аман турса, анан жанагы кылымдарды карыткан кыргыздын тарыхы – Манас аман турса, кыргыз эли жаман болбойт, өркүндөйт, өсөт.

- Кыргыз элиңизге, асиресе жаңыдан гана там-туң басып келаткан Ак Башатка ак батаңызды бере кетсеңиз?

- Эми кагылайындар, журналыңардын атын Ак Башат коюп алыпсыңар. Башат деген жанагы булактын көзү, башталышы да. Ак Башатыңар соолбосун! Жалпы журтчулуктун чаңкап турган рухун сугарган, жүрөктөрдөн түнөк тапкан мыкты журнал болсун! Жылдан жылга өнүккүлө, өскүлө! Өзүңөр жаш экенсиңер акылыңар, ой-санааңар дагы өйдөлөп, ата-бабаңардын, эл-журтуңардын ак кызматын өтөп, анан тиги-бул мезгилде жазылган нерселерди түп тамырынан бери кайрадан карап, кайрадан изилдеп, ошонун баарын калыс жеткирген жакшылыктын жарчысы болгула, айланайындар!

- Сизге да бекем ден-соолук, бакубат карылык каалайбыз. Аман болуңуз.

**Маектешкен Акылбек Халбеков**



## Топон суу менен жер жүзүн бузукулуктан тазалаган

# АЗИРЕТИ НУХ
(алейхиссалам)



“Ошондо ал Жаратканга: Мен (өзүмдүн каапыр коомумдан) жеңилип калдым. Өзүң жардам кылгын! деп жалбарган эле”

(Камар сүрөөсү, 10 - аят).

Куран-ы Каримдин 43 жеринде аты аталган Нух пайгамабар “улул-азим” пайгамбарлардан болуп саналат. Анын чыныгы аты Яшкур, Сакин, же болбосо Абдулгаффар деп айтылат. Лакап аты “Нажиюллах” жана “Шайхул-Анбия” болгон. Азирети Нух миң жылга жакын жашаган. Бул пайгамбар мал багып, кээде соода-сатык менен алектенип тиричилик өткөргөн.

Азирети Идрис пайгамбардан кийин элдер туура жолдон адашып, буттарга жана айкелдерге табына баштащат. Ошентсе да аны ээрчиген Вадд, Сува, Ягус, Яук жана Наср сыяктуу ыймандуулар анын шарияты менен жашап, элдерди ошого чакырышат.

Ыймандуу пенделер бу дүйнөдөн өткөндөн кийин кийинки муундар эки жүздүү мунафыктардын сунушу боюнча жана өздөрү да эскерип туруу үчүн алардын айкелдерин жасашат. Убакыт зымырап куштай сызып, улам жыл өткөн сайын ал коом өз колдору менен жасаган айкелдерди “Кудай” дешип, бутпарас болуп калышат.

Азирети Нухка пайгамбарлык берилгенде перзенттери Хам, Сам, Яфас башында болгон бир ууч адам ага ыйман келтирип, чакырыгына ишеним беришет. Канан аттуу уулу гана анын пайгамбарлыгына ишенбеген топко кошулуп кетет.

Баяндамаларга караганда, Нух пайгамбардын уулдары Самдан арап жана перс, Хамдын тукумунан индус, эфиоп жана африка элдери, ал эми Яфастан болсо азия элдери жана болжол менен Беринг кысыгынан өтүп, Америкага жайгашкан жергиликтүү калк көбөйүп олтуруп дүйнөгө тараган.

### Нух пайгамбардын коомунун өзгөчөлүктөрү

1.Буттарды (идолдорду) Кудай деп эсептешкен.

Учурунда жөн гана эстелик жана урмат-сый үчүн тургузулган айкелдер бир топ убакыт өткөндөн кийин табынылa турган буттарга айланган. Бутпарастык деген ишеним адамзат тарыхында доордун агымына, өзгөрүшүнө жараша ар кандай формага кубулуп адамзааданы ак жолунан адаштырып азгырып келген.

Нух коому: “Мындай дешти: Эсиңерде болсун! Кудайыңарды эч качан таштай көрбөгүлө! Айрыкча Вадди, Суваны, Ягусту, Яукту жана Насрды эч тана көрбөгүлө!” (Нух, 23)

Аты аталган буттардан: Вад эркек, Сува аял, Ягус арстан, Яук ат жана Наср бүркүт түрүндө жасалган айкел эле. (Е. Хамди Языр, 8/5378)

2.Заалымдыктын жана адашуунун туңгуюгуна батышкан эле. «Алар эң заалым жана эң бузукулардын накта өзү эле.» (Нажм, 52)

3.Алар ар кандай күнөөлөрдү жасоодон баш тартышпайт эле. «Алар күнөөкөр, (жолдон) адашкан коом эле» (Зарият, 46).

4.Бардык баалуу сапат, жакшы мүнөздөрдөн айры-

лып, жамандык атынан ураан чакырып калышкан эле. «Чынында эле алар абдан начар калк эле» (Анбия, 77).

5. Шайтанга, напсиге азгырылып, айбандан да төмөн абалга жетип, куру намыс үчүн жашап калышкан (Араф, 64).

## Чакырыктагы узак жылдар

Нух элүү жашка чыкканда Жабраил (алейхиссалам) келип, ага пайгамбарлык деген ары жоопкерчиликтүү, ары түйшүктүү озуйпаны милдеттендирет. Нух пайгамбар өмүрүнүн соңуна чейин тавхит ишенимине үгүт жүргүзөрүнө убада берет. Бул жагдай туурулуу Курандын көптөгөн аяттарында айтылып келет:

"Чындыгында Биз, Нухту өз коомуна (пайгамбар кылып) жибердик. (Нух) аларга: «Мен, албетте жалаң гана Аллага ибадат кылууңарды калыс эскертүүчүмүн. Алладан башкага табынбагыла! Мен келечекте силердин башыңарга жан чыдагыс азаптын келишинен корком!» деди" (Худ, 25, 26).

Пайгамбарлык келгенден тартып Нух (алейхиссалам) озуйпасын жашыруун түрдө жүргүзгөнгө мажбур болот. Кийинчерээк чакырыгын ачык-айкын баштайт. Жаш кезинде көпчүлүктүн сүймөнчүлүгүнө татыктуу болгонуна карабастан учуру келип, Жаратккандын Ак динине чакырууга милдеттендирилгенден кийин аны аз гана адам ээрчийт.

Нух пайгамбарды ээрчигендердин көпчүлүгү кедей-кембагалдар болгондуктан, падыша баш болгон ишенимден тайган акылы тайкылар аны маскаралап күлүшчү. Каапырлар анын дымагын өчүрүү үчүн:

"Бүт шерменде бетпактар ээрчип алган ушу сага ишеним арталыбы?!" (Шуара, 111) деп өчүккөндөн өчүгө беришет.

Коомдун көз карашында ал куру эле убара тартып, азап чегип жүргөн бир байкуш эле. А аныгында алар ойлогондой эмес эле. Ал толгон-токой машакаттарга карабастан жалаң гана сабырдуулук менен алга карай кадам таштагандан тажаган эмес. Жаратккандын жароокерлиги менен Жабраил периште кээде келип анын жараланган жерлерин дарылап кетчү.

## Мушриктер:

– Нух абалың кейиштүү! Ушунчалык акаарат кылып, токмоктогонубузга карабастан чакырыгыңдан дагы эле баш тарткың жокпу?

– Мен али акылымдан адаша элекмин. Ата-бабаларыңар мына азыр азап тартышууда. Эсиңерге келгиле!

Силер менин чакырыгымдан миң жолу жүз үйрүсөңөр да мага кыпындай дагы зыян келтире албайсыңар! Айтып койоюн, өзүмө зыяны тийип калат деп силерден эч убакта коркпоймун! Мен жалгыз Аллага гана тобокел кыламын!.. А, чакырыгым үчүн силерден эч нерсе доолабаймын!.. деп эр жүрөктүүлүгүн ачык айтып, аларды ойго салат.

Таалайсыз коомдун азапты талап кылышы

Каапыр коомдун кордугу чектен ашат. Акырында алар Кудайы азапты талап кылганга чейин барышат.

"Алар: «Эй, Нух, мына биз менен талашып-тартыштың. Эми чындап ыраскөйлөрдөн болсоң, бизге убада кылып жаткан нерсеңди (азапты) алып кел" дешти (Худ, 32).

Дагы да чектен ашканына карабастан, Азирети Нух аларга Жаратккандын буйругун жана бере турган мүмкүнчүлүгүн эскертти:

"Жалгыз Алла Өзү каалаган чакта гана ал нерсени силерге келтирет. Ошондо силер эч кайда качып кутула албайсыңар. Эгерде Алла силерди жолдон тайдырууну кааласа, мен насаат кылууга аракет кылганым менен силерге ал пайда бербейт. Ал силердин Раббиңер жана Анын Өзүнө гана кайтарыласыңар" (Худ, 33, 34).



Оңолууга, пейлин түздөөгө ниеттенбеген бул коомго алгачкы азабынын кабарчысы кылып, Алла Таала аларга кырк жыл жамгыр жаадырбай, кургакчылыкта кууратат. Ошондой эле алар кырк жыл боюу балалуу боло алышпайт, мал-жаны кыргынга учурайт. Айласы кеткенде аргасыздан Нух пайгамбарга кайрылышат.

"(Кечирим тилегиле) Ал үстүңөргө көнөктөтүп жамгыр жаадырсын. Жана силерге мал-дүйнө, бала-бакыра, бак-дарактарды ыроолоп, дарыяларды агызсын"
(Нух сүрөсү, 11-12 -аяттар).



Нух (алейхиссалам) аларга:

"Буттарга табынуудан баш тарткыла, мен силер үчүн дуба кылайын!" дейт да, Жаратканга кайрылат:

"Оо, Жараткан, мен коомума:"Раббиңерден кечирим сурагыла, албетте, Ал Кечиримдүү!» дедим." (Нух, 10)

"(Кечирим тилегиле) Ал үстүңөргө көнөктөтүп жамгыр жаадырсын. Жана силерге мал-дүйнө, бала-бакыра, бак-дарактарды ыроолоп, дарыяларды агызсын" (Нух, 11, 12).

Тилекке каршы, терсаяк бутпарастар пайдалуу насаатарга кулак салбай коюшат.

"Нух айтты: Раббим, чындыгында алар мага тоң моюндук кылышты, дагы (тапкан) мал-дүйнөсү жана бала-чакасы өзүнө зыянды гана көбөйткөн адамдарды (өздөрүнүн дөөлөттүү башчыларын) ээрчип кетишти" (Нух, 23).

Жүрөгү кулпулуу каапырлар өчүгүшкөндөн өчүгүшүп, азаптын сан түрүн көрсөтүп, Нух пайгамбарды кордукка куйкалап жиберишет. Акырында чындап эле сабыры түгөнүп, күйүттөн түтөй:

"Ошондо ал Раббисине: Мен (ал каапыр коомумдан) жеңилип калдым. Өзүң жардам кылгын! деп жалбарган эле" (Камар, 10).

Жолдон азган коомунун кордугун жүздөгөн жылдар бою армансыз тарткан Нух пайгамбарды жубатуу үчүн Алла Тааладан мындай кабар келет:

"Ошентип Нухка: «Элиңдин ыйман келтиргендеринен башкалары (эч качан) ишенишпейт. Эми алардын жасаган иштерине кейибе», деген кабар түшүрдүк.

«(Биздин) көз алдыбызда кеме жаса. Зулумдук кылгандарды (каапырлар) даттанып Мага кайрылба! Эми, алар (топон суута) чөктүрүлөт», дедик" (Худ, 36, 37).

Кеме куруу иши башталгандан тартып, бутпарастар кутургандай кайра тоскоол кыла башташат.

"Кемени жасап жатканда өз коомунун бийлери жанынан өткөн сайын аны келекелеп жатышты. Нух аларга: «Эгер (бүгүн) силер бизге күлсөңөр, билип койгула, жакында куду силер күлгөндөй биз да силерди келеке кылабыз!" деди» (Худ, 38).

"Демек, жакында шерменде кылуучу азаптын кимге келишин жана кимдин башына түбөлүк азап түшө турганын билесиңер" (Худ, 39).

Кылымдар бою жасаган карөзгөйлүктөрүнө канааттанбаган каапырлар түнү кемени өрттөп жиберүүгө келишет. Тилекке каршы, Кудайдын Кудурети менен кеме күйбөй койот. Каапырлар ушуну менен эле жөн калбастан, дагы башка душмандыктын түрлөрүн ойлоп табууга киришет.

**(Уландысы бар) Ак Башат казынасынан**

# Кыргыз тарыхында тасаввуф-суфизм



Неждет Тосун Теология илимдеринин доктору

Кыргыз адабиятынын эң маанилүүсү деп саналган Манас эпосунда «чилтен» сөзү менен тасаввуфка тиешелүү «кайып», «кырк» деген маани айтылат. Ошондой эле эпостогу «Баабедин» деген ысым көрүнүктүү сопу Бахауддин Накшибандинин ысмына ишаарат кылат.

Тарыхка кылчая турган болсок, Кыргызстандын аймактарынан бир топ эшен (сопу) чыкканы маалым. XI кылымда «Куттуу билим» аттуу даңазалуу чыгарманы жазган Жусуп Хас Хажиб Токмок шаарына жакын жайгашкан Баласагындан чыккан. Аталган чыгармада көптөгөн ахлактык маселелер козголгону аны жазган адамдын тасаввуфка тиешеси бар экендигинен кабар берет. Бирок, Жусуп Баласагындын таржымалы тууралуу маалыматыбыз аз болгондуктан, анын тасаввуф менен болгон алакасы белгисиз бойдон калып келет.

Кыргыз адабиятынын эң маанилүүсү деп саналган Манас эпосунда «чилтен» сөзү менен тасаввуфка тиешелүү «кайып», «кырк» деген маани айтылат . Ошондой эле эпостогу «Баабедин» деген ысым көрүнүктүү сопу Бахауддин Накшибандинин ысмына ишаарат кылат .

Тарыхтан ушу күнгө чейин Ахмад Ясави, Ашкий жана Накшибандий сыяктуу сопулар жана алардын жамааттары Исламды жана тасаввуф ахлагын үйрөтүп, диний таалим-тарбияны кыргыздарга жеткирип келишкен.

Орто Азиядагы түрк тилдүү элдерге Исламды жайылтууда албан салымын кошкон Ахмад Ясавинин ой-пикирлерин жыйнактап, муриттери тарабынан сүрдүрүлгөн бул жаамаат кыргыздарга да жетип, бир топ таасирге ээ болгон. Булактар тастыктагандай Ясави жамаатынын көз карашын кыргыз элине эң алгач Ахмад Ясссавинин шакирти Хаким Ата деген каймана лакаптуу Сулайман Бакыргани (өл. 582/1186) алып келген . Ошол учурдагы кыргыз аалымдары «Диван-ы хикмат» менен Хаким Атанын ырларын камтыган «Бакырган китебин» өспүрүмдөргө окуткан .

«Акыретте Мизан таразасынын башында жана Сырат көпүрөсүндө кыргыздарга Ахмад Яссави жардамга келет» деген сыяктуу элдик ишеним Ясави сопулук жамаатынын эл ичиндеги таасиринин канчалык деңгээлде экендигин айгинелеп турат .

XIX кылымдын аяк жагында Кыргызстандын түштүгүндө пайда болгон Лачилер менен 1920-жылдары Орус баскынчылыгына каршы чыккан Чачтуу Эшендер да Ясавиден таасирленген тасаввуфтук топтор экендиги айтылып жүрөт .

XIV кылымда Фергананын Ширкент аймагында жашаган жана Ашкийя (Ышкия) сопулук жамаатынан саналган Мавлана-и Аазам деген каймана лакабы бар Саййид Мир Жалилдин медреседе дарс берип, ошол эле учурда жамаатка тасаввуф жаатынан дилмаек кургандыгы булактарда айтылган.

Көптөгөн адамдар жана кыргыз урууларынын бийлери Өзгөндүк сопу Бурханиддин Кылычка кол бергендигин анын шакирти (Аксылык) Сайпидин Аксыкентий «Мажмуат-таварих» аттуу парс тилинде жазган эмгегинде баяндаган. Ошондой эле көптөгөн мусулмандар-

дын Саййид Мир Жалилге кол берип, ага шакирт-мурид болушу, анын эл ичинде кадыр-баркынын өсүшү Тимурдун тынчын алган. Ошол себептен аны Самаркандга чакыртып соттогонго чейин барган. Бирок Тимурдун таасирлүү казыларынын бири саналган Салахиддиндин киришүүсү жана ачыктан-ачык жан тартуусунун натыйжасында атактуу сопу эркин койо берилген . Тарыхчы Сайпидин Аксыкентинин урпагы саналган атактуу Нурмолдо кыргыз тарыхынын алдыңкы сабындагы аалымы жана акыны болуп эсептелет .

«Кадирилик» жамааты XIV кылымда Абдулкадир Гейлани тарабынан түптөлгөн. 1218-жылы Чыңгыз хан Бухараны басып алат да, андагы Кадири шейхи Мавлана Хажы Ахмадды бийлик борбору жайгашкан Алмалыкка алып келет. Мына ошондон тарта Кадирий тасаввуф жамаатынын көз караштары Теңир-Тоолук кыргыздарга чейин жеткен. Бир топ убакыттан кийин бул жерден качкан шейх Чыгыш Түркстандагы Аксуунун Кетиг шаарына жайгашат. Өзүнө көмөк көрсөтө турган жамаатка ээ болгондон кийин алардын жардамы менен Исламды жайып, тасаввуфтук иш-аракеттерин жүргүзөт.

Мавлана Хажы Ахмаддын неберелеринен Шейх Жамалиддин Кетги жана уулунун аракети менен кыргыздарды да башкарып турган Чагатай Ханы Туглук Темир мусулман болуп, Кадирий жамаатына киргенден кийин, аймакта аталган жамааттын таасири дагы да күчөйт. Арадан кыйла убакыт өткөндөн кийин, аймакка Накшибандий жамааты келгенден тарта Кадирий жамаатынын таасири азайат .

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Кадирий тасаввуфтук жамаатын тутунган айрым чечендердин түштүк Казакстанга сүрүлүшүнүн натыйжасында аймакта «Кунта хажы сопулар», «Зикирчилер» жана «Вайис хажылар» сыяктуу аталыш менен кайрадан жайыла баштаган Кадирий жамааты Кыргызстандын түндүгүндө жашаган кыргыздарга да тасаввуфтук иш-аракеттерди жайылткан .

XII кылымда Орто Азияда жашаган Хажы Абдулхалик Гуждувани (өл.1218) тарабынан түптөлгөн Хажеган тасаввуфтук жамааты кийинчерээк Бухаралык Бахауддин Накшибандинин ысмын алып «Накшибандийлик» болуп өзгөрөт да Маварахуннахр, Хорасан аймактарынан өтүп Чыгыш Түркстандын Кашкарына чейин жайылат.

Кожо Исхак олуя деп аталган Накшибанди жамаатынын өкүлү Теңир-Тоонун түштүк батышындагы кыргыздарга Исламды жеткирүүдө албан салым кошкон. Ошентип, Кокон хандыгынын тушунда Накшибанди тасаввуф жамаатынын таасири арткан.

XX кылымдын алгачкы чейрегинде Советтер Союзунун Орто Азияга бийлик орнотушунан тарта диний жана айрыкча тасаввуфтук иш-аракеттерге катуу тыю салынып, басмырланган. Натыйжада, тасаввуфтук жамааттар эл ичиндеги таасирин жоготуп, кай бирлери биротоло жок болуп кеткен.

Кыргыздардын мусулман болушуна, Исламдын ахлактык маселелерин үйрөнүшүнө жана улуттук өзгөчөлүктөрүн сактап калышына тасаввуфтук жамааттар эбегейсиз чоң салым кошкон. Тасаввуфтук иш-аракеттерди каралап рапорт жазган Орусиянын Түркстандагы губернаторлору Н. С. Ликошиндин береги сөздөрү жогорудагы маалыматты тастыктап турат:

«Жергиликтүү калктын ичинде эшендердин (шейхтердин) таасири күч. Мына ушул себептен эшендерге тийиштүү бүт нерсени жакындан таанып-билүү биздин негизги милдетибиз деп эсептейм. Тасаввуф (суфизм) көчмөн кыргыздарды мусулмандаштыруу менен бирге саясий өнүттөн да башка элдер менен бириктирип, күчтөндүрүп жатат. «Биздин заманда тасаввуфчулуктун жайылышы мүмкүн эмес!» деп кайдыгер мамиле жасабайлы. Бул караңгы калктын арасындагы эшендердин таасирин азайтуунун зарылдыгын эстен чыгарбашыбыз керек! »



Жогорудагы айтылгандардан эки нерсени унутпоо керек. Биринчиси; тарыхта кыргыздардын Ислам динин кабыл алуусунда тасаввуф чоң рол ойногон. Экинчиси болсо, кыргыз калкы тасаввуфтун арты менен Орто Азиядагы башка түрк элдери менен диний, саясий жана башка карым-катнаштарын күчөйткөн.

Тасаввуфтук жамааттар бүтүндөй Орто Азияда болгону сыңары Кыргызстандын аймагында да улуттук боштондук кыймылдарында, тактап айтканда мекенди баскынчылардан коргоодо чоң салым кошкону кашкайган чындык. Атап айтсак, XVII кылымда калмактарга жана XIX кылымдын аяк чениндеги Орус баскынчылыгына каршы турган улуттук боштондук кыймылында сопулар, эшендер албан жүктү аркалаганы тарыхый чындык. Маселен, 1898-жылдагы Андижандагы орустарга каршы кыймылды Накшибанди тасаввуфтук жамаатынын таасирлүү адамы Миңтөбөлүк Мухаммед Али (Дүкчү эшен) уюштурган. А орустардын айтууларына караганда бул боштондук кыймылын Осмон мамлекетинин султандары колдогон. Көпчүлүккө маалым болгондой орустар аскерий жана курал-жарак жагынан күчтүүлүк кылып көптөгөн кыймылдарды басып, бүтүндөй Орто Азияны басып алган. 1930-жылынан тарта дин жаатына ашкере катуу кысым башталып, молдолор, сопу-эшендердин көпчүлүгү өлүм жазасына кесилип, айрымдары Сибирге сүргүнгө айдалган .

# Жараткан Алланын ысым-сыпаттары

### Ас-Салаам

«Салам» сөзү арап тилиндеги «са-ла-ма» деген уңгудан чыгып, «тынчтык, бейпилдик, амандык, эсендик, моюн сунуучулук, баш ийүүчүлүк» деген маанилерди туюнтат. «Ислам» сөзү да ушул уңгуга такалат. Ал эми «ас-Салаам» - бул Улуу Алла Таалага таандык ысым-сыпаттардын бири болуп, анын Затынын аруулугуна жана сыпаттарынын ар кандай кемчиликтерден алыс болгондугуна ишарат жасайт.










Куранда «ас-Салаам» сөзү Алланын сыпаты катары бир аятта өтөт. Анда төмөнкүчө буюрулат: «Ал – Аллах! Андан башка кудай жок. (Ал) Падыша, Ыйык, ас-Салаам, амандык ыроолоочу, Көзөмөлдөөчү, Үстөмдүк кылуучу, Каардуу жана чоңдук ээси. Алар шерик кошкон нерселерден Алла Таала аруу (таза)!» (Хашр сүрөсү, 25).

### Ал-Мумин

«Мумин» сөзү «а-ми-на» этиши аркылуу «амн» уңгусуна такалат. «Амн» сөзү «ар кандай коркунучтардан, коопту жагдайлардан оолак болуу, коопсуздукта болуу, толук кандуу ишенимдүү болуу» деген маанилерге далалат кылат. Ал эми «ал-Мумин» Алла Тааланын сыпаты катары «ишеним, бейпилдик, тынчтык тартуулоочу» деген маанини билдирет.

### Ал-Мухаймин

«Хаймана» сөзү «теске салуу, күзөтүү, колдоо, назар салуу» деген маанилерди түшүндүрөт. Мына ушул сөзгө такалган Алла Тааланын «ал-Мухаймин» сыпаты «жаамы жандуу-жансызды күзөтүп туруучу, теске салуучу, аларды коргоп туруучу» деген маанилерди туюнтат.

### Ал-Азиз

«Азиз» сөзү арап тилиндеги «азза» уңгусуна такалып, күчтүү, үстөм, улуу, эч убакта жеңилбеген деген маанилерди туюндурат. Терминологиялык мааниде болсо, Улуу Жараткан Алланын кескин үстөмдүгүн, кудуреттүүлүгүн, жогорулугун түшүндүрөт. Ал эч качан жана эч бир тарызде жеңилбеген, кескин түрдө үстөмдүк кылуучу, каалаганын жүзөгө ашырууга кудуреттүү.

Алла Тааланын «ал-Азиз» сыпаты Кураны Каримдин токсон бир жеринде өтүп, жалгыз эскерилген эмес. Бул сыпат дайыма Алла Тааланын башка сыпаты менен жанаша келген. Ал-Азиз сыпаты эң көп «ал-Хаким» (Даанышман) сыпаты менен кырк жети жерде эскерилген. Мындан сырткары он беш жерде «ал-Алим» (Билүүчү), андан кийин «ал-Каавий» (Күчтүү), «ар-Рахиим» (Ырайымдуу), «ал-Хамид» (Мактоого татыктуу), «ал-Гофуур» (Кечиримдүү), «ал-Карим» (Жоомарт) ысым-сыпаттар менен чогуу айтылган.

### Ал-Жаббар

Жаралган бардык жандуу-жансыздын муктаждыктарын камсыздоочу, ар тараптан күчтүү, кудуреттүү. Ошондой эле жаралгандардын бардыгын Өзүнүн эркине мажбур кылуучу, каалаганын жасатууга кудуреттүү. Алла Тааланын «ал-Жаббар» сыпатынан улам «андай болсо адамдын эрк-каалоосу, эркиндиги жок экен да» деген ойго келбөө зарыл. Себеби Алла Таала өзүнүн мыйзамына моюн сунуп-сунбоо өнүтүнөн адамды өз эркин койгон. Арийне, адамдын Алла тарабынан акыл-эстүү жана эрк-каалоого ээ болуп жаралышынын өзүнчө мааниси бар. Алла Таала адамды Өзүнүн өкүмдөрүн үйрөнүп-билүүгө жөндөмдүү, акыл-эстүү кылып жаратып, ага шарияттын негизинде жүрүп-жүрбөшү өнүтүнөн кыяматта суракка алууда адилеттүүлүк үчүн эркиндик берген.

**Ак Башат казынасынан**

# Оо, Жараткан!



Султанкерим уулу Бектурган
Отставкадагы милиция-нын полковниги. Нарын ш.

Оо, Жараткан Улуу Кудайым,
Мен өзүңө дилим бурайын.
Ал анткени сенден башка Кудай жок,
Келме айтып, тообо кылайын.

Асман, жерди алты күндө жаратып,
Жашасын деп, адам затын таратып.
Деңиз, дайра, Ысык-Көлдөй көп көлдү,
Суу түбүндө түркүн балык, түрдүү сонун чөптөрдү.
Жер бетинде жаныбарлар, жерди, тоону,
Сен койгонсуң бүт адамга каратып.

Жиндер жана адамзатты Кудайым,
Чын дилинен сыйынсын деп жараткан.
Нээтин түзөп, беш маал намаз оку деп,
Ыйык Кааба кыбыланы караткан.
Чындык дүйнө, ачык асман үстүндө,
Алла Таала бул дүйнөнү убактылуу жараткан!

Күндү бердиң, адамзаты иштеп жанын баксын деп,
Айды бердиң караңгыда барчу жолду тапсын деп.
Сансыз жылдыз көркүн ачып асмандын,
Түндү бердиң адамзатын тынч эс алып жатсын деп.
Бекер бердиң дем алсын деп абаны,
Бекер бердиң сууну жана баланы!

О, адамзат! Күн болбосо, түн болбосо не болмок?
Жан-жаныбар, адамзат да жашай албай жоголмок.
Суу болбосо, аба, жылдыз болбосо,
Элестетчи, жер жүзүндө не болмок?
Кудурети өтө күчтүү Алланы,
Эстебесек бизди Кудай урганы!

Ушулардын баарын берген Кудайым!
Мен диниме айныбастан турайын.
Күнү-түнү тикебизден тик туруп,
Жалынсак да, аздык кылат, Кудайым.

Жалган дүйнө, жалган буга алданба,
Жалган айтып, жаман айтып карганба.
Алла берген байлыгыңдан зекет бер,
Колунда жок, жесир, жетим балдарга.
Сен өлгөндө байлык калат артыңда,
Зекет сообу жардам берет акыретке барганда!

Оо, адамзат! Ойлонолу, ойгонолу тезирээк,
Өмүр өтөт билинбестен мемиреп,
Сыйынбастан өмүрүңдү өткөрсөң,
Анан аттиң... болуп калат кечирээк.

# ТАЛХА БИН УБАЙДУЛЛАХ

(Алла ага ыраазы болсун!)



Шамшидин Маматкулов

...Пайгамбардын алдына кайра келген кезибизде Талханын Пайгамбар үчүн өз денесин калкан кылгандыгына күбө болчубуз...



Талха тирүү кезинде бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он кишинин жана Ислам динине кирген алгачкы сегиз кишинин бири болгон.

Ошондой эле ал халифаны шайлоо үчүн түзүлгөн комиссиянын (асхабу шуураа) мүчөсү болгон сахаба.

Абу Мухаммад деген каймана аты менен да таанылган Талханын толук аты Талха бин Убайдуллах бин Усман бин Амр бин Саад бин Тайм.

Талха соодагер болуп, бир топ мал-мүлккө ээ болгондугуна карабастан өзүн жөнөкөй алып жүргөн. Кайрымдуулук иштерге берилген жана эр жүрөк адам болгон. Бадр согушунан башка бардык согуштарда Пайгамбарыбыз Мухаммаддын (саллаллааху алейхи ва саллам) жанында болгон. Бадр согушу маалында Пайгамбарыбыз (саллаллааху алейхи ва саллам) аны Курайштардын кербени тууралуу кабар алуу үчүн Шам тарапка жибергендиги үчүн ал согушка катыша албай калган.

Талха бин Убайдуллах Бусрада жүргөн кезинде бир поптун элге кайрылып: «Оо, калайык! Араңарда ахлу Харамдан (Мекке тараптан) келген адам барбы?» - деп бакырганын угат. Анан: «Ооба, бар. Мен мекеликмин», - деп жооп берет. Мындай жоопту күтүп турган поп дароо: «Ахмад чыктыбы?» - деп сурайт. Талха поптун суроосунун төркүнүн түшүнө албай: «Ахмад дегениң ким?» - дейт. Анда поп: «Ал деген – Абдуллах бин Абдулмутталибдин уулу. Бул ай анын чыга турган айы. Ал пайгамбарлардын эң акыркысы болот. Меккеден куулуп, таштак жана курмалуу жерге журт которот (хижрат кылат). Эсиң болсо, ага жетиш, андан куру калба» - дейт.

Поптун айткандары Талханын жүрөгүнө биротоло орношуп калат. Ал дароо Меккеге кайтып келип, жакын арада кандай окуялар болгондугун сураштыра баштайт. Анан Абдуллахтын уулу Мухаммад ал-Амин пайгамбар болгондугун жана Азирети Абу Бакирдин аны ээрчигендигин угат. Бир да мүнөттү текке кетиргиси келбеген Талха дароо Абу Бакирге барып, ага поптун айткандарынын баарын баштан-аяк айтып берет. Андан соң экөө чогуу Алланын Элчисине (саллаллааху алейхи ва саллам) барышат. Талха ошол жерде мусулман болуп, алгачкы мусулмандардын сабынан орун алат.

Башка көптөгөн мусулмандар сыяктуу эле Талха да Ислам динине киргенден кийин бир топ кыйынчылыктарга туш болгондугуна карабастан, мусулманчылыктан баш тарткан эмес. Ислам душмандарынын бири болгон Навфал бин Хувайлид анын мусулман болгондугун угаары менен Талханы Азирети Абу Бакир менен бирге чогуу бир жипке байлап коюп, көпкө чейин чечпей койгон.

Ухуд согушунда Сүйүктүү Пайгамбарыбызды (саллаллааху алейхи ва саллам) баатырларча коргогон. Ал жаракат албасын деп атылган жебелер менен шилтенген кылычтарга каршы денесин калкан кылган. Ошентип денесинен бир топ жаракат алган.

Талханын согушта жасаган эрдиктери тууралуу сахабалардан Саад бин Абу Ваккас мындай дейт:

«Талха Ухуд согушунда биздин арабыздан Алланын Элчиси (саллаллааху алейхи ва саллам) үчүн өз жанын аябай, баатырларча кармашты. Биз душмандар менен кармашкан кезде Пайгамбардын алдынан тигил-бул жакка кеткенибизде да, ал Пайгамбардын жанынан жылган жок.

Пайгамбардын алдына кайра келген кезибизде Талханын Пайгамбар үчүн өз денесин калкан кылгандыгына күбө болчубуз.

Бутпарастардын арасынан көзгө атар мерген Малик бин Зухайр Алланын Элчисин мээлеп жаасын тартып калды. Талха жебенин Алланын Элчисине (саллаллааху алейхи ва саллам) сайылаарына көзү жеткендиктен, аны коргоо үчүн жебеге каршы колун суна койду. Жебе Талханын колуна кадалып калды» (Ибн Саад, Табакат).

Талха тууралуу Пайгамбарыбыз (саллаллааху алейхи ва саллам): «Кимде-ким жер жүзүндө жүргөн, бейишке кире турган адамды көргүсү келсе, анда Талха бин Убайдуллахты карасын» (Тирмизи).

Азирети Талха Жамал окуясында Марван бин Хакам тарабынан өлтүрүлгөн. Айтууларда ал өлгөн кезинде 60-64 жаштарында болгон деп айтылат. (Ибн Хишам, ас-Сироту ан-Набавийя).

Азирети Пайгамбар (саллаллааху алейхи ва саллам) Талханы аябай баалаган жана аны «Хаййир» («көп изги иштерди жасаган адам») деп атаган. Ошондой эле аябай жоомарт болгондугу себептүү ал «ал-Файйад» («пайдалуу иштерди көп жасаган») деген лакапка да ээ болгон.

Талха бин Убайдуллахтын он бир уул, эки кызы болгон. Уулдарынын дээрлик баарына пайгамбарлардын аттарын койгон. Уулдарынын аттары Мухаммад, Имран, Муса, Йакуб, Исмаил, Исхак, Закарийя, Йусуф, Иса, Йахйа, Салих, ал эми кыздарынын аттары Аиша жана Марйам болгон.

Алла ага ыраазы болсун!



# Имам Муслим
## (Х. 204-261-ж.)

Имам Абул Хусейн Муслим ибн ал-Хажжаж ибн Муслим ибн Вард

ибн Кушад ал-Кушейри ан-Найсабури- "Сахих ал-Бухари"ден кийинки ислам

дүйнөсүндөгү хадис боюнча экинчи белгилүү китептин автору.



Асан Саипов

Ахмад ибн Салама: "Имам Муслим "Сахих Муслим" үчүн он беш жыл бою тынымсыз иштеп, талыкпас эмгектин натыйжасында 12 000 ишенимдүү хадис жыйнаган".

Белгилүү хадисчи Ал-Хакам Абу Абдулланын "Дүйнөнүн белгилүү аалымдары" деген китебиндеги маалыматтарга таянсак, Имам Муслим хижранын 206-жылы Хоросандагы Найсабур деген шаарда жарык дүйнөгө келген. Атасы Хажжаж дагы хадис риваят кылган шейхтерден болгондугу маалым. Хадис илимин үйрөнүү Имам Муслимге жаш кезинде эле насип болуп, атайын жыйындарга катышкан. Имам Муслим кичинесинен баштап эле хадистерге болгон кызыгуусу артып, өмүр бою өз жашоосунун булагы кылуу менен бирге хадистерди терең изилдеп кийинки урпактарга да калтыра алган. Имам Муслим Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) хадистерин топтоочулардын эң белгилүү аалымдардын катарынан орун алган. Өмүрүнүн баарын пайгамбарыбыз Мухаммаддын (саллаллаху алейхи васаллам) бизге насаат кылган сахих хадистерин топтоо үчүн шаардан шаарды кыдырып, илим издөө менен алектенген. Ал ушул максатта Хижаз (Сауд Аравия), Ирак, Сирия, Египет ж.б. мусулман дүйнөсүнүн белгилүү жерлерин кыдырган.

Илим үчүн саякаттап жүргөн мезгилде көптөгөн белгилүү ислам аалымдары менен жолугушуп, алардан көп нерселерди үйрөнгөн. Мисалы: Хоросанда Яхя ибн Яхя жана Исхак ибн Рахавайхтан, Ирандын Рай шаарында Мухаммад ибн Мехран, Абу ал-Гассандан, Иракта Ахмад ибн Ханбал жана Абдулла ибн Масламадан, Хижазда Саид ибн Мансур жана Абу Мусабдан, Египетте Амр ибн Савада жана Хармала ибн Яхядан ж.б. көптөгөн белгилүү мухаддис аалымдар менен жолугушканы белгилүү. Көбүнчө Ирактагы ошол замандын белгилүү аалымдары менен тез-тез жолугушуп турган экен. Өмүрүнүн акыркы жылдарында да (Х. 259-жылы) акыркы жолу Иракка келип кеткендиги белгилүү.

Имам Муслим Имам Бухаринин да замандашы болгон. Имам Бухари Нийсабурга келип отурукташкан мезгилде аны менен көп жолу жолугушуп, кеңешип, үйүнө да тез-тез келип турган экен. Имам Бухарини аябай урматтап, сыйлаган. Андан башка жогору даражадагы мухаддис аалым жок деп эсептеген. Имам Муслим Нийсабурдагы жергиликтүү медреседе сабак берип, алар менен чогуу кызмат кылган. Кийинчерээк шейх Зухали менен болгон ортосундагы келишпестиктердин айынан Имам Бухариге айтып, экөөнү тең таарынтып албайын деген ой менен Нийсабурду таштап көчүп кеткен экен. Имам Муслим өзүнүн чыгармаларында шейх Зухали менен Имам Бухарини устаттары катары эсептесе да, алардын аттарынан атаган эмес.

Имам Бухари менен шейх Зухалиден башка дагы көптөгөн мухаддис аалымдардан өтө жөнөкөйлүгү менен таанылган. Ошол доордун белгилүү аалымдарынан Усмани Абу Бакр, Шайбан ибн Фаррух, Абу Камал Ал-Жаври, Зухейр ибн Харб, Амр ан-Накед, Мухаммад ибн ал-Мусанна, Мухаммад ибн Ясар, Харун ибн Саид ал-Айлий, Кутайба ибн Саид сыяктуу аалымдарды устат катары эсептеген.

Имам Муслим башкалардан өзгөчө эмгекчилдиги жана жоопкерчиликтүүлүгү менен айырмаланган, айткан сөзүнүн өтөөсүнө дайыма чыккан. Ошол доордун белгилүү мухаддис аалымы болуу менен бирге кийинки муундагы замандаштары – Абу Хатем ар-Рази, Муса ибн Харун, Ахмад ибн Салама, Абу Бакр ибн Хузайма, Яхя бин Саид, Абу Авана ал-Исфараини, Абу Иса ат-Тирмизи, Абу Амр Ахмад ибн ал- Мубарак ал-Мустамли, Абул Аббас Мухаммад ибн Исхак ас-Сирож сыяктуу аалымдарга да хадис илимин үйрөтүүчү негизги булак боло алган. Анын окуучуларынын арасынан белгилеп айта кете турган шакирти Ибрагим ибн Мухаммад ибн Суфян болгон.

Имам Бухари бардык мухаддис алымдардын эң алдыңкысы болсо, Имам Муслим андан кийинки орундагы белгилүү мухаддис аалым. Имам Муслим Имам Бухаринин ыкмасындагы окуучусу болгондугу үчүн эмес, өзүнүн билимдүүлүгү жана ошого татыктуу болгондугу үчүн экинчи орунга бааланган аалым. Белгилүү аалым Аль-Хатыб аль-Багдадинин ал тууралуу мындай деген: "Муслим аль-Бухаринин жолун жолдогон, илимде анын ыкмасын карманган".

Имам Муслим көптөгөн китептердин автору, алардын ичинен эң белгилүүлөрү "Ал Жаами ас-Сахих", "Ал Муснадул Кабир ала-р-Рижал", "Китабул-Асмаи вал-Куна", "Китабул-Илал", "Китабул-Акран", "Китаб суалати Ахмад ибн Ханбал", "Китабул-Интифа биухубис-Сиба", "Китабул Мухадрамин", "Китабу ман Лайса лаху илла ровин вохид", "Китаб авлад ас-сахаба", "Китаб авхам алмухаддисин" "Китабут Табакат".

Бул китептеринин ичинен эң белгилүүсү "Ал-Жами ас-Сахих" Имам Бухаринин "Сахих ал-Бухари" китебине өтө жакын. "Мен бул китепти ар түрдүү булактардан, 300 000 дин ичинен тандап, тактап анан хадис жыйнадым" деген экен өзү. 15 жыл ичинде бул эмгекти жыйнап жазуу оңой иш болгон эмес урматтуу окурман. Бул хадистерди топтоо үчүн канчалаган мамлекетти кыдырган, тынымсыз изденүүлөрдүн үстүндө иштеп, тактап, анан кийин гана ишенимдүү хадистерин бул эмгегине киргизген. Ахмад ибн Салама: "Имам Муслим "Сахих Муслим" үчүн он беш жыл бою тынымсыз иштеп, талыкпас эмгектин натыйжасында 12 000 ишенимдүү хадис жыйнаган" деп белгилеген.

Жараткан Алла Тааланын берген ырыскылары менен кийинки муундарга түгөнгүс кенч катары таштап кеткен бул эмгектери бүтүндөй Ислам дүйнөсүнүн көөнөрбөс байлыгы катары кызмат кылып келе жатат. Имам Муслим хижранын 261-жылы 57 жаш курагында о дүйнө салган. Улуу устаттын сөөгү Нийсабурга жакын Наср Абадга коюлган. Имам Муслимдин чыгармаларына да көптөгөн ислам аалымдары түшүндүрмө китептерин, трактаттрды, чыгармаларды жазышкан. Имам Муслим өзү жашаган доордун эң алдынкы, билимдүү хадисчи аалымдарынан болгон.

# Ар-намыс жана уяттуулук



Осман Нури Топбаш

Кудай Таала пенделеринин абийирдүү болушуна абдан маани берип, бул жагдайга көптөгөн аяттар аркылуу басым жасаган. Ошол себептен күнөөсүз адамдын абийирине шек келтирип, жалаа жабуу өтө оор күнөө деп эсептелип, жалаа жапкан адамга балак урулган.

Ар-намыс адамзааданы ар кандай арзуу, кумар жана ышкы азгырыгына жетеленип кетүүдөн сактайт. Ар-намыс жана абийир инсанга гана таандык өзгөчөлүк. Башкача айтканда, инсанды башка макулуктардан айырмалап турган артыкчылык. Ар-намыстын жоголушу – инсандык касиеттин зыян тартышына жана айбандын деңгээлге түшүшүнө апкелет.

Ар-намыс менен абийир жаамы изги ахлактын күрөө тамыры десек жаңылышпайбыз.

Ар-намыс жана абийирдүүлүк жаатынан эң бийик даражага жеткен эки инсанды Жараткан Өзү мактоого алып, момун мусулмандарга өрнөк кылып тааныткан. Алар «икаялардын эң мыктысында» баяны айтылган Жусуп пайгамбар менен көп жерлерде мактоо менен эскерилген Азирети Марям.

«Ал (Марям) өз абийирин намыстуулук менен сактаган эле, Биз ага Өз рухубуздан үйлөдүк, аны жана уулун бүткүл аалам үчүн ибарат кылдык» (Анбия, 91).

Абийирдүү пенделерин Алла Таала минтип мактайт:

« Алар (ийгилик табышкан момундар) жубайлары менен күндөрүнөн башкалардан уяттуу жерлерин сакташат. (Булар менен болгон мамилеси себептүү) аларга кинээ коюлбайт. Ким мындан артыкты издесе, алар чектен чыккандар» (Муминуун, 5-7).

Жаратылыш Нуру (саллаллаху алейхи васаллам) бул маселеге катуу басым жасагандыктан, жалпы момун мусулмандарга:

«Кимде ким мага тили менен абийирин жана ар-намысын сактаганга сөз берсе, мен ага бейишти убада кылам!» (Бухари, Рикак, 23) деп кайрылган.

Башка өңүттөн караганда эркек менен аялдын ортосундагы абийирдүүлүк, адептүүлүк жана ийменүү олуттуу жадай. Анткени дин Ислам бардык жаман иштерди, уят-сыйытсыздыкты, абийирсиздикти арам деп санайт.

Эркек менен аялдын ортосундагы алака жана сүйүү «тиктешүүдөн» башталат. Ошо себептен мусулман эркек менен мусулман аялдын бири бирине кумарлуу караш менен карабоо, баарлашуу учурунда беймарал тиктешпей башты жерге салган абала сүйлөшүү буйрулган:

«(Оо, Мухаммад!) Момундарга айткын: Көздөрүн арамдан сакташсын жана намысын коргосун. Анткени бул өздөрү үчүн дагы да таза жосун. Чындыгында Алла алардын жалпы иш-аркетинен кабардар!

Момун аялдарга айт: Көздөрүн (эркектерге кумарлуу карагандан, арамдан) сакташсын, ар-намыс жана абийирлерин коргошсун. Көрүнүп тургандан башка сулуулуктарын көрсөтпөсүн. Жоолуктарын көкүрөккө чейин жаба салынышсын. Өз күйөөсүнөн, аталарынан, кайын аталарынан, өз уулдарынан, өгөй балдарынан,

(бир тууган) ага-инилеринен, алардын уулдарынан, эже-сиңдилеринин уулдарынан, мусулман аялдардан, кол астындагы күңдөрдөн, аялга муктаждыгы (кумарлануусу) жок кызматкелерден же болбосо аялдардын уяттуу жерлерин билбеген наристелерден башкаларга сулуулугун көрсөтпөсүн. Анан да, көмүскө сулуулуктарын башкаларга көрсөтүү үчүн бутту жергке катуу уруп (тыкылдатып) басышпасын. Момундар! Баарыңар Аллага гана тооба кылгыла! Балким (азаптан) кутуларсыңар» (Нур, 30-31).

Кудай Таала пенделеринин абийирдүү болушуна абдан маани берип, бул жагдайга көптөгөн аяттар аркылуу басым жасаган. Ошол себептен күнөөсүз адамдын абийирине шек келтирип, жалаа жабуу өтө оор күнөө деп эсептелип, жалаа жапкан адамга балак урулган.

«Акыйкатта, абийирдүү, ак ниеттүү момун аялдарга жалаа жапкандар – бул дүйнөдө да, акыретте да каргышка калышат. Албетте алар үчүн чоң азап бар!» (Нур, 23).

«... Абийирдүү аялга жалаа жаппагыла!» деген Азирети Пайгамбарыбыз (Тирмизи, Истизан, 33/2733).

Ар-намыс, абийир аял кишинин да, эркек кишинин да аялуу касиети. Жогорудагы жоболор абийирге шек келтирүү, жалаа жабуу чоң күнөө экенин тастыктап турат. Андыктан жалган күбөлүккө өтүү, бирөөнү куру дооматка калтыруу жана инсандын ар-намысына сокку боло турган жалган жалаалар, чындыгы жок ушакайыңдар оор күнөөлөрдөн болуп эсептелет.

Эми Азирети Пайгамбарыбыздын хадисине көз чаптыралы:

«Бейишке барчулар үч түр: Адилеттүү, кайырымдуу адам жана ийгиликтүү өлкө башчысы, жакындарына жана мусулмандарга мээр төгүп, жүрөктөн жанган адам, көп балалуу болгонуна карабай арам пайдадан сактанып, бирөөдөн бир нерсе сурабаган абийирдүү мусулман» (Муслим, Жаннат, 63).

«Уят бул – ыймандан!» (Бухари, Иман, 3).

«Уят менен ыйман ар дайым чогуу. Бир кетсе, экинчиси дагы кетет!» (Суюти, I, 53).

«Орой сөз айыптан башка нерсе алып келбейт! Уят менен адеп жайгашкан жерине көрк берет» (Муслим, Бирр, 78).

Адеп-ахлакка терс келген ар кандай жамандыктардан жана азгырык ойдон адамзааданы уяттуулук жана намыс гана сактай алат. Адеп менен уяттуулуктун таасири жүздөгөн мыйзам жана тартип жоболорунан дагы кубаттуу. Мындай инсандарга «Уялбайсыңбы?» деп айтуу жетиштүү.

Абийирсиздик, уятсыздыктын коомчулукка жайылышын каалагандар өз өлкөсүнө, өз улутуна каршы чыккынчылыкты каалаган болуп эсептелет. Мындайлардын



«Уят менен ыйман ар дайым чогуу. Бир кетсе, экинчиси дагы кетет!»
(Кутту хадис, Суюти, I, 53).



«Ал (Марям) өз абийирин намыстуулук менен сактаган эле, Биз ага Өз рухубуздан үйлөдүк, аны жана уулун бүткүл аалам үчүн ибарат кылдык»
(Анбия сүрөсү, 91-аят).

өзү дагы чоң балээге кабылары айдан ачык. Анткени абийирсиздик Алла Элчисинин билдиргенине караганда жок болуунун башкы себеби:

«Улуу Алла бир пендесин жок кылууну көздөсө оболу андан абийирди алат. Абийирди алган соң, ал азапка калгандардын бирине айланат. Азапка кириптер болду дегиче андан ишеним кетет. Ишеним кетти дегиче ал кыянатчы болуп калат. Кыянатчы болгон соң андан ырайым кетет. Ырайым алынган соң наалатка калат жана жек көрүмчүгө айланат. Каргышка калып, жек көрүмчү болгон соң Ислам менен болгон байланышы үзүлөт!» (Ибн-и Мажа, Фитан, 27).

Изгиликтин элестери

Абу Саид ал-Худри (Алла ага ыраазы болсун) мындайча эскерет:

«Кутман Элчи бойго жеткен жаш кыздан дагы уяттуу эле. Жагымсыз нерсе көрдү дегиче нурдуу жүзүнөн дароо байкалчу» (Бухари, Манакыб, 23; Абу Давуд, Хараж, 34-36).

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) бир хадисинде мындай дейт:

«Ыйбаа кылуу – ыймандан. Уяттуу адам бейиште болот! Ыйбаасыздык – жүрөктүн катуулугунан. Жүрөгү катып калган адам тозоку!..» (Бухари, Иман, 16).

***

Бахз бин Хакимдин чоң атасынын уяттуу жерди жабуу тууралуу соболуна:

«Уяттуу жериңди аялыңдан жана өзүңдүн күңдөрүңдөн башка эч кимге көсөтпө!» деп жооп узатат. Ошол эле адамдын эч ким жок ээн жерде же бөлмөдө кийим кийбей жүрсө кандай болот маанисиндеги суроосуна:

«Адамдарга караганда Алла уялууга чындап татыктуу!» деп жооп берген (Абу Давуд, Хаммам, 2/4017).

Башка бир хадисте минтип айтылат:

«Жылаңачтануудан сактангыла! Жаныңарда силерден бөлүнбөгөн периштелер бар. Булар даарат ушатуу жана жубайына жакындоо учурунда гана кишиден бөлүнөт. Алардан ийменгиле жана аларга жакшы мамиле кылгыла» (Тирмизи, Адаб, 42/2800).

***

Азирети Аишага (Алла ага ыраазы болсун) Дамасктан бир топ аял келет. Андан аялдарга тиешелүү маселелерди сурайт.

«-Бирок, мен Алла Элчисинин: «Үйүнөн сырт кайсыдыр бир жерде кийимин чечкен аялзаты Алла менен өзүнүн ортосундагы көшөгөнү жырткан болуп эсептелет» дегенин уккам» (Абу Давуд, Хаммам, 1/4010; Тирмизи, Адаб, 43/2804) дейт даанышман эне.

Демек мындай абалдагы аял адеп-ахлак жана абийир кийимин дагы чечет дегенден башка эч нерсе айта албайбыз. Анткени Жараткан Алла такыбаалык кийим менен коргонууну жалпы адампендеге буйруган эмеспи.

***

Амавилер (Умаяттар) доорунун үч белгилүү сатирик акынынын бири Фараздактын кемпири көз жумат. Жерге жашыруу ырасмына Хасан Басри дагы катышат. Ырлары мене айрым адамдардын ар намысына шек келирип, кара көө шыбаган бул акынга мүрзөнү нускаган Хасан Басри мындай суроо узатат:

«-Акырет үчүн эмне даярдадың?»

«-Жетимиш жылдан бери шахадат келмесин даярдап жүрөм».

«-Кандай сонун даярдык. Бирок Шахадат келмесинин шарттары бар. Ошондуктан ар-намысы таза аялдарга жалаа жаппа!» Чогуу тургандардын бири дин көсөмүнөн таңыркап сурайт:

«-Лаа илааха иллаллах - келмеси бейиштин ачкычы эмеспи мырзам?»

«-Ооба ал келме, бейиштин ачкычы. Бирок тишсиз ачкыч болушу мүмкүнбү? Кулпу тиштери бар өзүнүн гана ачкычына ачылат, болбосо жок» дейт Хасан Басри.


Демек анык диндин ачкычынын тиштери- жакшылык, кайрымдуулук, ар-намыстуулук, уяттуулук жана жаамы жарамдуу амалдар.

Жыйынтыктап айта турган болсок, момун мусулман ар-намыстуу, абийирдүү болушу керек. Напсилик кумарлануу, куштарлануу сезимдер кол салууга даяр турган душмандай тооруп ар дайым даяр тургандыктан, ариетти, абийирди, намысты сактоо жана напсини чүлүктөп, жүрөктү изги сезимдер менен, акыл-эсти нары бийик, нары аруу ой-кыялдар менен алек кылуу кажет. Айрыкча бул наркты сактоо үчүн жүрүм туруму начар, сүйлөгөн сөзү калпыс жоро-жолдоштон оолак болуу зор мааниге ээ.

Адампенденин көркү, касиети саналган уяттуулук сезим жана ар-намыс адамды ар кандай жаман жоруктарынан, балээ, кырсыктан сактай турган руханий калкан. Бул изги сапаттар Алланын алдындагы жана башка көптөгөн милдет, озуйпаларыбызды так орундатуубузду камсыз кылат.



# Коран и его источник



Фархат Юсупов

...Она была выдвинута ибн Хазмом аль-Лихъянием (ум. 215/830). Так вот, ученый утверждает, что лексическое значение слова Коран дает смысл «прочитал», которое происходит из глагола «Караа» (т.е. читать или читал). К тому же в священном Коране говорится следующее: «Когда же Мы прочтем его, то читай его следом» (Кыяма 75/18)

На тему значения слова Коран и его смысла, а так же его терминологического значения, со стороны мусульманских ученых было выражено множество различных взглядов и мнений. Однако среди них по богатству смысла и выражения понятия были выбраны несколько основных взглядов. Мы же, не вдаваясь в мелкие подробности, будем говорить о самых распространенных взглядах и мнениях. К примеру, существует одна версия, с которой соглашаются все ученые. Она была выдвинута ибн Хазмом аль-Лихъянием (ум. 215/830). Так вот, ученый утверждает, что лексическое значение слова Коран дает смысл «прочитал», которое происходит из глагола «Караа» (т.е. читать или читал). К тому же в священном Коране говорится следующее: «Когда же Мы прочтем его, то читай его следом» (Кыяма 75/18), упомянутое в данном аяте слово «Кураанаху» как раз таки дает именно такой смысл слова, как глагол «читать». Исходя из этого, следует подчеркнуть, что слово Коран, дающее вышеупомянутое значение является собственным названием божьих слов, которые были ниспосланы пророку Мухаммаду салляллаху алейхи ва саллям.

А что касается терминологического значения священного Корана, то существует необходимость привести нижеследующее определение, на которое многие ученые выразились «за»:«Коран – это книга ниспосланная последнему из пророков пророку Мухаммаду салляллаху алейхи ва саллям посредством Джибриля, она записана на страницах. Последняя дошла до нас передаваясь из уст в уста, при ее чтении совершается молитва и поклонение. Началом этой книги является сура «Фатиха» (открывающая), а ее концом сура «ан-Нас» (Люди). А так же, эта книга является чудом и словом Аллаха». Как видно это определение включает в себя некоторые пункты, нуждающиеся в пояснении.

1. Ниспосланная последнему из пророков: Священные книги и писания которые были ниспосланы пророкам до пророка Мухаммада салляллаху алейхи ва саллям, такие как Тора и Новый Завет, остаются в стороне, их никак нельзя подразумевать под смыслом слова Коран, и называть их Кораном тем более…

2. Написанная на страницах: Это предложение выражает то, что для того чтобы ни одна речь или слова которые не относятся к Корану небыли записаны на эти страницы. Коран, со времен пророка Мухаммада салляллаху алейхи ва саллям тщательно сохранялся путем письменной фиксации.

3. Дошедшая до нас передаваясь из уст в уста: Коран передавался из уст праведных и набожных людей, в уста группы таких же, честных и праведных людей, которые не могли объединиться во лжи. И несомненно, исходной точкой данной цепочки является пророк

Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям. Тут же необходимо подчеркнуть, что особенность такого характера присуща лишь одному Корану. А другие же священные книги не передавались из поколения к поколению посредством вышеупомянутого пути.

4. При ее чтении совершается молитва и поклонение: Читая священный Коран, мусульманин совершает молитву, и таким образом он покланяется Всевышнему Аллаху. Из этого следует отметить, что смысловым переводом Корана, его толкованием или же священным хадисом не совершают молитву Всевышнему Аллаху.

5. Коран это слово Всевышнего Аллаха: Это выражение держит все слова, которые не относятся к словам Великого Творца в стороне, даже если они были сказаны великими людьми, джинами или ангелами.

6. Эта книга является чудом Всевышнего Творца: Она великая книга, которая не имеет аналога, нет ни одной книги, которая бы сравнилась с Кораном. Другими словами, слово «Муджиза» (чудо) значит создать такое, чем ставишь собеседника в безвыходное положение, и он остается не в силе совершить то, что совершаешь ты. С этой точки зрения Коран является самым существенным, вечным чудом которое было ниспослано пророку Мухаммаду салляллаху алейхи ва саллям. Коран, превзойдя все литературные и поэтические высоты, неоднократно доказывал свою божественную оригинальность. На пример нижеследующий аят очень ясно говорит об этом: «Скажи: Если бы люди и джинны объединились для того, чтобы сочинить нечто, подобное этому Корану, это не удалось бы им, даже если бы они стали помогать друг другу» (аль-Исра 17/88). Далее можно утверждать, что бесподобность Корана и есть ясное доказательство что Коран является словом Великого Творца. Таким образом, Коран это истина, в которую нужно уверовать, а затем следовать ее предписаниям, так же как нельзя совершать действия и деяния, противоречащие этим предписаниям.

Как известно, сейчас все человечество соглашается, что Коран начал извещаться и проповедоваться со стороны человека по имени Мухаммад ибн Абдуллах ибн Абд аль-Мутталиб который, родился в Мекке в 6. веке нашей эры. Этот пример в истории настолько достоверен, что нет на земле примера достовернее этого. Однако мы не можем с такой же уверенностью сказать об источнике этой книги. Все мусульмане искренне верят, в то, что эта священная книга была ниспослана Всевышним Аллахом посредством ангела Джибриля пророку Мухаммаду салляллаху алейхи ва саллям. Тогда как, не мусульмане, в особенности ориенталисты, хотят представить Священный Коран в виде классики памятника литературного произведения арабов. Так давайте же приведем несколько рационально-логических примеров, которые укажут на то, что Коран вовсе не является человеческим творением. И что источником этой священной книги является ни кто как сам Всевышний Аллах.

1- Коран является самым большим чудом пророка. Коран изложил свое чудо в более шести тысячах знамений. Все пророки доказали свое пророчество только посредством творения чудес и по этому если бы, пророчество было основано на личных интересах, тогда бы ни один пророк не поступил так как поступил пророк Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям утверждая истинность и божественность Корана, тем самым прибегая к его чуду.

2- Как известно пророк Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям был человеком, который, не умел ни читать, ни писать. К тому же многие из ученых подтверждают, что он был необразованным. Исходя из этого, можно сказать, каким же все-таки образом необразованный человек, как пророк Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям, который был бессилен написать что-либо подобное в арабской литературе, смог написать столь великие слова? Если хоть чуточку поразмыслить над этим вопросом можно прийти к выводу что он вовсе ее не писал.

3- Если взглянуть на жизнь пророка, после получения им пророчества, то нельзя не увидеть божественный источник Корана. Потому, что после получения пророчества пророк Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям сталкивался с такими ситуациями, где он просто был обязан выразить определенное постановление по этому вопросу. Однако, мы видим, что он иногда по истечению определенных дней, ночей и даже месяцев не говорил и не предпринимал что-либо самостоятельно. К примеру рассмотрим исторический факт под названием «Ифковое событие», где пророк Мухаммад салляллаху алейхи ва саллям, как человек не знающий скрытое не смог сказать ни чего, чтобы оправдать себя и свою семью. А длилось это до тех пор, пока не были ниспосланы аяты суры «ан-Нур 11-18» где говориться о чистоте и невиновности благочестивой супруги пророка Мухаммада Айши. Если бы, Коран не был бы ниспослан от Всевышнего Аллаха путем откровения, разве пророк стал бы ждать сорок дней в такую трудную и критическую минуту, было ли бы это с его стороны логически верным поступком?

Подытоживая вышесказанное необходимо еще раз отметить, что Коран не представляет собой человеческое произведение как утверждают некоторые. Разумный читатель, освобожденный от бремени предрассудков и жаждущий истины, без труда поймет, что никто, кроме Всевышнего Аллаха, не мог подарить человечеству такое чудо, каким является Священный Коран. Она была ниспослана не для того чтобы ее читать лишь в определенное время или место, и вообще она ниспосылалась не для того, чтобы ее просто читали. Она нам дана Всевышним Аллахом, для того чтобы мы, следуя за ней выполняя все ее предписания, обрели счастье, как в этой бренной, так и в вечной жизни.




# Жусуп Хас Ажип жана Кут Даарытар Билим (Кутадгу Билиг)

Кубаныч Айдарбеков

Орто кылымдагы улуу инсан Жусуп Баласагындын «Кутадгу Билиг» дастаны бүткүл адамзат маданиятына унутулгус тарыхый, руханий дөөлөт экендиги шексиз. Анын насааттары, философиялык ойлору азыр да эртең да актуалдуулугун жоготпойт деген ишеничибиз чоң. Биз окурмандарыбызга бул санда кытайлык кыргыздар Турганбай Кылычбек жана Ноорус Үсөнали тарабынан 1992-жылы уйгур тилинен кыргыз тилине которулган «Кутадгу Билиг» жөнүндө сөз кылабыз. Бул эмгектин Кыргызстанда басылышында Эларалык Ататүрк Алатоо университетинин 2004-2005-жылдарга карата өткөргөн «Жусуп Баласагын жана анын идеялары азыркы дүйнөдө» аттуу темадагы Эларалык конференция бирден бир себеп болгон. Ошондой эле кыргыз тилине которгон Мусабаева З. М., Эргүн кожо жана редактору филология илимдеринин доктору С. Ибраимовдун салымдары чоң экендигин унутпоо керек. Бул китеп «AVRASYA BASMASI» басмаканасында басылган.

Улуу ойчул, атактуу даанышман Жусуп Баласагын 1018-жылы азыркы Токмок шаарынын түштүк тарабындагы Баласагын шаарында туулган.

Орто кылым адабий мурастарынан бири болгон «Кут даарытар билим» дастаны Баласагындык улуу окумуштуу акын Жусуп Хас Ажип тарабынан болжолу менен 1069-1070-жылдары Кашкарда эски түрк тилинде жазылган. Тилеке каршы, бул дастандын түпкү кол жазмасы алиге чейин табыла элек. Вена, Каир жана Фергана нускалары бар экендиги белгилүү. Бир нускасы уйгур арибинде болсо эки нускасы араб арибинде жазылган. Түрк аалымы Рашит Рахмати Арат 1947-жылы жогоруда айтылган үч нусканы салыштырып толуктоо киргизген. Ошол текст боюнча алганда бул дастан 85 тароого бөлүнүп 6645 бейиттен куралган.

Жусуп Баласагындын «Кутадгу Билиг» дастанын изилдөө боюнча Дания, Германия, Венгрия, Россия, Кытай, мурунку Советтер Союзу, Туркия, Италия сыяктуу мамлекеттерде бир топ иштер жүргүзүлгөн.

Бул китептин негизги артыкчылыгы тематикалык көрсөткүчтүн коюлушунда, шилтемелердин, түшүндөрмөлөрдүн берилишинде, мазмун, форма жана котормосу жагынан бир бүтүндүк сакталышында жатат.

Мисалы:

«Наам бердим «Кутадгу Билиг» китебиме,  
Окуганды бул жеткирсин тилегине.  
Айтаарымды китепке жазып бүттүм,  
Эки ааламды тең көздө бирге туттум.»

Аталган дастан адам баласын ыймандуулукка, акылмандыкка, нравалык-руханий тазалыкка, адилеттүүлүккө, мекенчилдикке, үй-бүлөдө жана коомдук жайларда ынтымакка, биримдикке, каадасалтты ардактай билүүгө, улууга урмат, кичүүгө ызат кылууга чакырган тарбиялык мааниси зор чыгарма болуп эсептелет.

Бул китептин элге жеткирилишинде авторлорго, салым кошкондорого кыргыз элимдин атынан ыраазычылыгымды билдирүү менен бирге биз билген жана билбеген ойлор казынасынан дале алына турган сабактар бар экендигине ишенебиз.

# Диндер аралык диалог



Бакыт Мурзараимов Теология илимдеринин доктору

Христиан дининин эң негизги агымы катары эсептелген Католиктер мындай заманбап ыкма катары «диндердин ортосундагы диалог» деген проблеманы көтөрүп чыккан.

## Христиан дини жана миссионерлик

Иса пайгамбардын Алла Таала тарабынан жиберилген жаңы шариатты жөөттөргө жайылтуу үчүн жүргүзгөн иш-аракеттери мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени анын өзү, таркаткан дини жана шариаты Кудай тарабынан жиберилгендиги ыйык китебибиз Кураны Каримде да ырасталган[1]. Анын максаты Муса пайгамбар алып келген шариатты өзгөртүп жиберген жөөттөрдү туура жолго баштоо болгон. Азирети Иса өзүнүн пайгамбар экендигин, Кудайдын элчиси экендигин жана Кудайдын бир (жалгыз) экендигин жар салган[2]. Куранда Азирети Исанын: «мен менден мурунку келген Тооратты тастыктоого жана менден кийин келе турган Ахмад аттуу пайгамбарды сүйүнчүлөө үчүн жиберилдим» дегени айтылган[3]. Ошондой болсо да ага ишенген адамдардын саны өтө аз болгон. Иса пайгамбар Кудайдын кудурети менен түрдүү кереметтерди көрсөткөнүнө карабастан анын душмандары ар кандай жалаалар менен аны жок кылууга аракет жасашкан[4]. Мына ошондой адамдардын бири жөөттөрдөн Павел (Paul) деген адам болгон. Павел Иса пайгамбарга катуу душмандык кылган. Ал пайгамбарды өлтүрүү үчүн колунан келген бардык аракеттерди жасаган[5]. Кийинчерээк ал Иса пайгамбарды өлтүрүү үчүн Шамга (Сирия) болгон сапарында жолдо Иса пайгамбардын үнүн угуп коркконунан ыйман келтиргенин эскерет[6]. Ошентип Исанын душманы болгон Павел Христиан динин кабыл алып аны жайылтууга аракет жасай баштайт[7]. Бул окуя Исанын көптөгөн жактоочуларын ойго салат. Бирок ошого карабастан Павел динди жаюу ишин уланта берет. Ал бул динди бутпарасттарга жана жөөттөргө жайылтууну көздөгөн[8]. Павел Христиан динин аларга кабыл кылдыруу үчүн бул диндин кээ бир жоболорун өзгөртүп, айрым беренелерин жок кылып, кээ бирин кайсыл өлкөдө динди жайып жүргөн болсо, ошол жергиликтүү диндин жоболору менен алмаштырып жиберген[9]. Анын максаты кандай гана болбосун, Христиан динин башка элдерге жайылтуу болгон.

313-жылы Византия императору Константин Христиандардын эркиндигин тааныгандан кийин Павелдин үгүттөө ишин Христиан азиздери уланткан. Мындай аракеттер акырындап олтуруп Византия империясына кирген Сирия, Египет, Эфиопия, Йемен, Европа жана Анатолияга чейин жеткен.[10] Христиан өкүлдөрүнүн санынын түрдүү улуттардан түзүлүп көбөйүшү, Христиандарды өз ара келишпестиктерге түртүп, карама-каршылыктардын күч алышына алып келген. Бул келишпестиктерди жок кылуу максатында нечендеген курултайлар өткөрүлсө да, эч кандай оң жыйынтык чыккан эмес. Натыйжада Армян, Сирия, Эфиопия

жана Копти христиандары борбордук чиркөөдөн бөлүнүп кетишкен. Бул бөлүнүү орто кылымдарга чейин уланган. Анын натыйжасында христиандар католиктер, православдар жана протестанттар болуп бөлүнүп кетишкен.[11] Христиан дүйнөсүндө ушундай бөлүнүүлөр күчөп жаткан мезгилде Ислам дини түптөлө баштаган. Исламдын пайда болушу Христиан дининин өкүлдөрүнө түрдүү кооптонууларды жаратккан. Бул көрүнүштөн кийин бөлүнүп бараткан христиандар Ислам динин жок кылуу үчүн кайрадан биригүүнү самай башташат. Ошентип кылымдарга созулган Кресттүүлөрдүн жортуулу башталат[12]. Тилекке каршы, канчалаган жортуулдар жасалбасын, алар максатына жете алган эмес. Курал көтөрүп, согушуу жолу менен Ислам динин жок кыла албаган христиандар башка жол жоболорду издей башташат. Бул тууралуу ар кандай кеңешмелер өткөрүлөт. Ар кайсы өлкөлөрдө жашаган кечилдердин, попторду жана башка дин кызматкерлеринин пикирлери топтолот. Айтылган пикирлердин жана келишимдердин натыйжасында Ислам динин же жалпы мусулман ааламын бөлүп жаруу үчүн алманы ичинен чириткен курт сыяктуу ичтен иритүүгө бел байлашат. Биринчи кадам катары, арап тилин билген же жергиликтүү тилди жана каада-салттарды билген кечил миссионерлерди даярдоо үчүн атайын окуу жайлары ачылат. Бул өңдүү окуу жайларды бүтүргөн миссионер кечилдерди азыркы күнгө чейин Ислам өлкөлөрүнө жиберип келишет.

Ислам өлкөлөрүнө ошондой эле эгемендүүлүгүн жаңы гана алган Орто Азия өлкөлөрүндө да миссионерлердин кеңири иш алып барып жаткандыгын даана байкоого болот. Алар элдин улуттук менталитетин, каада-салтын жана улуттук баалуулуктарын көзгө илбестен ар кандай жол менен өздөрүнүн идеологиясын жайылтып жүрүшөт. Үгүттөөнүн ар кандай жол жобосун мыйзам ченемдүү деп эсептеген христиан миссионерлери жер жүзүндөгү эң акыркы инсан «мен христиан динин кабыл алдым» деп айтмайынча күрөштү уланта берери анык. Анткени алардын идеологиясы боюнча баардык адамдар христиан динин кабыл алгандан кийин гана Иса пайгамбар жер жүзүнө экинчи ирет кайтып келет. Иса пайгамбардын экинчи жолку кайтып келишин тездетүү максатында христиан дининин мүчөлөрү миссионерлерге саясий жана экономикалык өнүттөн ар түрдүү колдоолорду көрсөтүшөт. Өздөрүнөн башка эч кандай улутту жана динди тааныбаган христиан дининин үгүттөөчүлөрү башка улуттагы элдерге жана алардын диний ишемдерине терс келген иш аракеттерди материалдык күчтүн негизинде жасап келишет.

Тарых барактары тастыктагандай, миссионерлер миссионерлик жол аркылуу христиан динин жайылтууда ар дайым ийгиликке жете алышкан эмес. Анткени алардын ички жүзүн жана максатын билген элдер аларга каршы өздөрүнүн диний ишенимдерин жана улуттук баалуулуктарын коргой алышкан.

## Миссионерликтен диндердин ортосундагы диалогго өтүү

Миссионерликтин максатын жана анын артындагы кооптуу саясатты баамдаган элдер аларга каршы өздөрүнүн динин жана улуттук баалуулуктарын коргоп калуу үчүн чараларды көрүшкөн. Ошентип, миссионерлик ыкма менен ийгиликке жете албаганын түшүнгөн христиандар миссионерликтин заманбап жолдорун издей баштаган. Христиан дининин эң негизги агымы катары эсептелген Католиктер мындай заманбап ыкма катары «диндердин ортосундагы диалог» деген проблеманы көтөрүп чыккан. Азыр Католиктер христиан дининен бөлүнүп чыккан агымдардын ортосунда жана башка диндердин ортосунда окшош жактарын алдыга чыгаруу менен биригүүнү жана тил табышууну сунуш кылып жатышат. Бул сунушту кабыл алган диний агымдар жана диндер «диалог» үчүн керектүү болгон жол-жоболорду аныкташууда. Ал эми кабыл албагандары дале болсо миссионерлик ыкма менен христиан динин жайылтууну улантып жатышат. Мисалы, Кыргызстандагы Протестант агымынан бөлүнүп чыккан Баптисттер, Йегова күбөлөрү, Адвентисттер, Пресвитериандар жана башка ушуга окшогон секталар өздөрүн мажбурлап миссионерлик ыкманы колдонуп жүрүшөт. Бул ыкмада элдердин улуттук баалуулуктары эске алынбайт. Кандай гана болбосун тигил же бул элди христиан динине киргизүү керек. Ал эми диалогдо улут эске алынганы менен натыйжада аны маданияттуу түрдө христиандаштыруу максаты бар. Жыйынтыкта эки ыкмада тең элдерди христиан динине киргизүү негизги максат бойдон кала берет.

Башка диндин өкүлдөрү христиандар менен диалогго кирүү үчүн эң ыңгайлуу шартты тандап алышат. Мындай учурда диалог эки диндин ортосунда бири-бирин таануу менен гана чектелип калат. Бул көрүнүш христиандардын диалог аркылуу христиан динин жайылтуу түшүнүгүнө дал келбегендиктен ийгиликке жетүүлөрү кыйынга турат[13].

(Уландысы бар)

ШИЛТЕМЕЛЕР:

1Бакара-87; Аали Имран-45- 84; Ниса- 163; Маида-116; Анам-85;
2 Ниса-171; Марям- 130.
3 Сафф-6.
4 Маида- 46, 78, 110; Аали Имран-49.
5 Апостолдордун Иштери IX/ 1-2.
6 Апостолдордун Иштери IX/ 1-7.
7 Апостолдордун Иштери IX-XXVIII Бөлүмдөр.
8 Mehmet Aydın, Hıristiyan Kaynaklara Göre Hırstiyanlık, T.D.V. Yay. Ankara-95, 19.
9 Küçük- Tümer, 417.
10 Küçük- Tümer, 417.
11 Mehmet Çelik, Süryani Tarihi, AyraçYay. Ankara-99, 65-160.
12 Küçük- Tümer, 417.
13 Şinasi Gündüz, "Misyonerlik ve Hıristiyan Misyonerler", Diyanet, Ankara 2002,38/ 19.

# Шабдан баатыр Жантай уулунун адилеттүүлүгү жана айкөлдүгү



Арин Эрматов

ОшМУ Арашан гуманитардык институтунун теология факультетинин доценти

XIX кылымдын 2-жарымында, XX кылымдын баштарында кыргыз элинин саясий турмушунда негизги орду бар, элинин кызыкчылыгын көздөгөн, уруулардын биримдигин сактоого жана чыңдоого болгон күч-аракетин жумшаган, кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал болгон белгилүү инсандардын бири - бул Шабдан Баатыр  Жантай уулу.

Шабдан баатыр 1839-жылы Ысык-Көлдүн түндүгүндөгү Туюк-Булуң деген жерде төрөлгөн. Атасы айтылуу Жантай баатыр, энеси Баалы байбиче болгон.

Шабдан баатыр коомдук-саясий ишмер эле эмес, ал өтө колу ачык, берешен, айкөл, тарбиячы, дасторкону кенен жайылган адам болгон. Анын колу ачыктыгын төмөнкү окуялардан байкоого болот.

Шабдан баатырды эмизип баккан энесининин айтуусуна караганда, ал 3 жашка чейин эмчек ээмп, кээде кошо ойногон жолдошторун да эрчитип келип силер да эмгиле дечү экен.

Солто Бошкойдун ашына Шабдан баатыр барганда, баласы Кененсары аш таркагандан кийин баатырды үйүнө кондуруп, 1000 сомго баасы чыккан жоргосун мингизген. Ошол эле күнү ал жоргону бир дубана мойнуна курун салып жетелеп жүргөнүн көрүшкөн. Көрсө, ал дубана тиленип Жантай баатырга келгенде ал жоргону берип жиберген экен.

Ошондой эле казактын Эшим төрөсү тартуулаган кула жоргону Игнатович деген орускa берген. Ал кула жорго көп чабыштарда байгелерди уткан. Ал кула жорго кызыккандар кийинчерээк сатып алып Парижге алып кетишкен. Кула жоргонун баасы бир нече миң сомго чыккан, ал убакта бир сомго бир кой берчү. Шабдан баатыр колунда мал болсун, акча болсун муктаж болгондорго берип турган. Ал дубана, бечара, балдар менен бирге отуруп тамактанганы, алардын сөзүн укканы баатырдын кең пейилдүү экендигин далилдейт.

Акыркы мезгилдерде (баатыр өлөр алдында) баатыр үйүндө олтурса сырттан дубананын үнү угулат. Шабдан баатыр Шааке байбичеге айтып, ал дубананы үйгө алып кирип, тамак бергизет. Шабдан баатыр дубананы  60 жаштарда болсо керек деп болжолдойт. Дубананын кийинген кийимин, чокоюн, баш кийимин көрүп терең ойго чөмүлөт. «Олдо шордуу элим-ай» деп өкүнөт. Дубана тамактанып бүтүп бата кылынат. Шабдан куржундагы ардак чепкенин алдырып, анда тагылуу жүргөн эки чоң медалдын бирин чыгарып дубанага берет. Дубана албай тартынчыктайт.

- Алыңыз! Үй-бүлөңүзгө далайга чейин оокат болот. Үйүңүзгө барып жер айдаңыз, мал багыңыз, орустар менен жакшы мамиледе болуңуз, алар менен урушуп, талашпаңыз. Алар күчтүү. Кош эми, жолуңуз ачылсын! деп узатат. Анткени, баатырда дубанага бере турган ылайыктуу эч нерсеси жок эле, ошондуктан эч кимге берилбей турган, эч нерсеге алмашылбай турган нерсесин дубанадан аяган жок.

- Бечара кубанып кетти. Адамдарды канчалык көбүрөөк кубантсам, өзүмдү ошончолук бактылуу сезем, байбиче. Эгер бирөөгө бир нерсе берсең, күлүп, ыкласың менен бергин. Кубанып кетсин» деп кайрадан ойго батат.

Бир жолу Баякенин Седеп деген чулдур күңү жалгыз жаман алачыгы менен журтта калат. Шабдан баш болгон топ Верныйга барып, жыйналышка катышып келе жатышса:

- «Чабдан баатый! Максым ичип кет!» деген үн угулат. Шабдан атынын башын ал жакка бурат. Седеп жуулбаган, улам максым ичкен сайын кебектери жабыша берип, кырбуусу эки эли болуп калган чоң капкара аякка максым куюп сунат. Аякты Баяке алып, кебетесин көрүп: «Ой муну баатыр ичпейт»,-деп кайра Седепке береРде Шабдан баатыр: «Эй Баялы, алып кел, ичем»,-деп аякты алып даамын да татпастан максымды түбүнө чейин тартып жиберет.

- «Бах, максымыңыз максым эмес бекен, чаңкап келе жаттым эле, суусунум канып калбадыбы! Рахмат сизге. Бүгүн кеч болуп калды, бүгүнчө чыдаңыз, эртең сизди көчүрүп кетишет»,-деп ырайымдуу коштошуп жүрүп кетишет.

Шабдан баатыр Седептин кычыган максымын суусагандыгы үчүн ичкен эмес, бечаранын көңүлүн көтөрүп, жашоого үмүтүн шыктандыруу үчүн ичкен дешет.

Шабдан баатыр 1904-жылы 20дай кишини ээрчитип, алардын бардыгынын жол каражаттарын өзү төлөп Ажыга барат. Стамбулга келгенде Аравияга салынып жаткан темир жолго жардам катары 2000 сом берген. Анысы үчүн Түрк Султаны Абдулхамидден алтын медаль алган.

Шабдан баатырдын адилеттүүлүгү, берешендиги, мээримдүүлүгү бүтүндөй түрк элине, ал түгүл орус калкына жаккан. Анын эмгегин, кадыр-баркын баалаган байлар үйүр-үйүр жылкыларын, короо-короо койлорун өз эрки менен айдап жеткирип турушкан. Бул кирешелердин эч нерсесин калтырбай ошол эле күнү алсыздарга, кедей-кембагалдарга тараткан.

Шабдан баатыр элинин илим-билим алуусуна да чоң маани берген. Ал татар, өзбек улутундагы молдолорду алып келип кыргыздын балдарын окуткан. Мечит-медресе салдырып, ал жердеги балдардын тамагын жана молдолордун акысын өз чөнтөгүнөн төлөгөн. Ошондой эле кыргыз балдарын Алматыдагы гимназияга, Фрунзедеги садоводствого берип окуткан. Орус, өзбек усталарын алып келип там салдырып, кыргыз жигиттерин жыгач-устачылыкка үйрөткөн. Шабдан баатыр кыргыз жаштарына дин, илим, кесип жаатында үйрөнүүлөрүнө шарт түзүп берген.

Шабдан баатыр өзүнүн максаттарына жетиш үчүн жанын үрөп, күнү-түнү менен иштеген, керек болсо коркунучтуу абалдарга карабастан эрдик жасаган, өтө аракетчил, эрктүүлүгү менен айрымаланган, мээрими төгүлгөн мырза киши болгон. Азыркы күнгө чейин эл ичинде: «Шабдан айкөл эле», «берешен эле», «жоомарт болчу», «кедейлерге кайрымдуу болчу», «дубаналардан эчнерсе аябайт эле», «эч качан адамдын көңүлүн калтырган эмес» деген сыяктуу сөздөр бекеринен айтылбаса керек.

Кыргыз санжырасында аңыз болуп айтылган дагы бир сөз бул Шабдан баатырдын ашынын өтүшү. Кыргызда аш-тойду ар бир үй-бүлө алына жараша өткөрөт. Ал ата салты.

Шабдандын ашы 1912-жылы 10-октябрда башталып, 5 күнгө созулган. Тойго даярдык 5-октябрда башталып, Кичи-Кеминдин Боролдоюнда 2 миң боз үй тигилип, 40 миң киши чакырылган. Ашка Фергана, Сыр-Дарыя боюнан, казактардан, орустардан кишилер келишкен.

Демек, Шабдан баатырдын ысымы кыргыздар үчүн өлбөс, өчпөс, ыйык ысым. Ал өз элинин кулуну, жигити, коргоочусу, элчиси, жоокери, башкаруучусу болгон.



# АНТ
## (аңгеме)



Өмер Сейфеттин Түрк элинин жазуучусу

"Эгер убада берсеңер, Аллага берген убадаңарды сөзсүз аткаргыла. Алланы өзүңөргө кепил кылган соң, антыңарды бузбагыла. Шек-күмөнсүз Алла бардык иш-аракеттериңерди Билүүчү!" (Нахл сүрөсү, 91-аят).

Мен – теги-түбүм боюнча, Гөнендик кишимин. Бирок, 20 жылдан бери аягым баспаган ал шаар качандыр бир көрүп, эстен чыга баштаган түш сыяктуу акылымда улам туманданып барат... Анда атамдын жаш кези, наамы боюнча капитан эле...

Эми, ошол, ар дайым атам экөөбүз өтчү баягы «Жаами базарынын» маңдайындагы кичинекей, урай баштаган коргонду, анын ичиндеги каштан дарагынын дүмүрлөрүн көмүп аккан дарыяны, биз жуунганы барчу ысык суулуу мончонун терең көлмөсүн эстегенге аракет кылып олтурам. Бирок, баары агарган туман ичиндегидей бүдөмүк: иреңдери өчкөн, түс-турпаты күңүрт... Узак-узак сапардан мекенине кайткан адам, көңүлү сүйгөн көрүнүштөрдү - туулган жерин – коюу туман алдынан жолуктуруп, бир саам мурда көрүп калбаганына кандай кайгы чексе, мен да так ошондой оор сезимдерге кабылып турам бу саам. Ар күнү кечинде топ-топ болуп көчөлөрүнөн өткөн буйволдорду, уйларды, ташсыз, топосу бызгыган жолдорду, куйма таштан (черепица) курулган үй чатырларын, жыгыла жаздап араң турган сокмо дубалдарды, жыгач көпүрөлөрдү, уч-кыйырсыз талааларды, жапыс кашаа-тосмолорду – баарын туман ичиндегидей бүдөмүк гана элестейт.

Бир гана үйүбүз менен мектеп көңүлгө бекем түйүлүп калыптыр...

XXX

Чоң бакча... Ортосунда сарай кыяпатында кынапталган аппак үй... Оң тарабында, бурчта, биз олтурчу ак перделүү бөлмө. Ушул бөлмөдө таң эртең менен ар күнү, апам мени жаш баладай терезе кырына олтургузуп, сабактарымды кайталаттырып, сүтүмдү ичирчү. Терезеден көрүнгөн короонун наркы тарабындагы топурак түстүү имараттын айнексиз жалгыз терезе-тешиги болоор эле. Ал караргaн тешик мени абдан коркутчу. Тамактарыбызды бышырган, кирлерибизди жууган, тактайларыбызды сүрүп, атамдын аттарына жем берип, аңчы күчүктөрдү баккан кызматчыбыз Абил Ананын ар кеч айтчу коркунучтуу аңгемелериндеги аюуну ушул терезеден көрүп тургандай боло берчүмүн. Бул элестер түшүмдөн да кетчү эмес. Коркунучтуу түштөрдү тынчсыздана угуп, жакшылыкка жоорууга аракет кылган бечара апама ар күнү таңда ар кыл түш айтып, алп аюунун мени түшүмдө качырып, анан тутуп алып, тоого алып барып, токой ичиндеги үңкүрүнө камап, колдорумду байлап, мурунумду, эриндеримди жегенин айтып, анан Байрамич жолундагы суу тегирменинин чаркына ыргытканын саймедиреп, көзүнө коркунуч толгон апамды бир нече ирет: - Жок! О Кудай сактай көр... – дедирээр элем.

Ал менин түштөрүмдү ийги иштерге жоромолдоого аракеттенип, келечекте мен чоң адам, мартабалуу мырза, улук падыша болоорумду, эч ким мага эч качан жамандык кыла албастыгын айтканча, мен өзүмдүн жалган айтканымды да унутуп, келечекте чын эле ошондой боло тургандай кубанычтуу кыялдан магдырай түшчүмүн.

Кандай көчөлөрдөн өтүп, ким менен мектепке бараарым да анча эсте калбаптыр. Мектеп бир кабат, дубалдары акталбаган там эле. Дарбазадан кирээр менен үстү жабылган короо. Андан бир аз тереңде майда дарактуу, тар бак боло турган... Бактын аягында чыйыр жол, анан, даарат алуу үчүн жасалган абдан чоң челек бар эле. Эркек балдар менен кыз балдар чогуу олтурушуп, бирге окушуп, бирге ойношчу. «Чоң мугалим» дегенибиз суюк чачына кына чөбүн сүйкөп жүрчү, бүкүрөйгөн, узун бойлуу, бала кыял улгайган аял. Көк көздөрү ар нерсени теше тиктеп, жанып, куш тумшугундай ийри, сары мурундуу ал жүндөрү жыдыган, оорукчан, жүдөмүш кузгунга окшошуп кетчү. «Жаш мугалим» дегенибиз болсо Чоң мугалимдин уулу эле. Андан балдар коркушчу эмес. Кыязы, ал бир аз дөөдүр да болушу мүмкүн. Мен мектепте эң акыркы бийик секичеде, Чоң мугалимдин чыбыгы жетпей турган жерде отурчумун. Балким, чачымдан ак-саргыл болгондугунандыр кыздар мени «Ак мырза» дешчү. Чоңураак балдар болсо атымдан эле аташчу же «капитандын уулу» деп чакырышчу. Сыныптын (класстын) эшигинин ачылбаган бир канатында бозоргон жазуусу бар тактайча кирген-чыккандарды өлүктөй суук «тиктеп», «узатып жана тосуп алып» турчу; калың дубалдардын шыпка жакын тар терезелеринен кирген муздак жарык тынымсыз чурулдашкан, кыйкырып ойношкон наристелердин аарыдай ызылдаганынан ого бетер оорлошуп, ого бетер булганып, бараткандай таасир калтырчу.

Окууда жазанын жалгыз гана түрү боло турган: ал – таяк... Чоң күнөө кылгандар, ал тургай кыздар да таманына таяк жеш үчүн атайын жасалган текчеге чыгарылып жаткырылчу жана ошол жерде жазага кириптер кылынчу. Бул жазадан коркпогон жан жок эле. Ал эми кичинекей күнөөлүүлөр үчүн жазалар түрдүү жана чексиз болчу: Чоң мугалимдин чыбыгы, Кичине мугалимдин шапалагы ж.б.у.с... Жазага туш келген ар кимдин башы шишичү. А мен эстеп көрсөм эч таяк жебептирмин. Бир гана жолу Чоң мугалим жалган сүйлөгөнүм үчүн курушкан сөөктүү колдору менен кулагымды кызарта чойгону эсте. Ушунчалык катуу чойгон экен, эртеси да кулагым от болуп жанып жүрдү. А чындыгында анчалык күнөөм деле жок эле, чындык үчүн жазалангам.

Ал мындай болгон: бакчадагы суу түтүгүнүн чоргосуну бирөө жулуп салган экен. Чоң мугалим күнөөкөрдү издеп жүрдү. Күнөөкөр болсо көк чепкенчен, кызыл белдиктүү, арык, оорукчан бала эле. Мен Чоң мугалимге аны кабарладым. Жаза боюнча чоргону жулган ал таяк жемек. Бирок ал өзүнө суу жугузбай танып туруп алды эле, башка бир бала ортого чыкты да «күнөөкөр – менмин» деди. Жаза колдонулчу тактайга жатты. Кыйкыра – бакыра таманына таяк жеди. Ошондо Чоң мугалим:

- Эмне үчүн жалган сүйлөп, күнөөсүз бечараны жазага жыккың келди?! – деп кулагыма шып жармашты да, кабагы карыш түшүп, каны кайнап чыкты...

XXX

...Ошондо ызадан ыйладым. Мындайда ким ыйлабасын. Анткени жалган айткан эмесмин. Тигинин чоргону жулганын өз көзүм менен көргөнмүн.

Кечки дем алышта таяк жеген баланы кармадым да:

– Эмне үчүн менин сөзүмдү жалганга чыгардың, сен чоргону жулган эмес элең го? – дедим.

– Мен жулганмын.

– Сен жулган эмессиң. Мен тигини өз көзүм менен көргөм.

Жүзүмө тигиле карады. Ошентип бир саам мелтиреп турду. Эгер Чоң мугалимге айтпасыма ишендире алсам, ал менден сырын жашырбасын түшүндүм. Дароо түшүндүрө баштадым.

– Чоргону Али жулган болчу. – деди ал. – Бирок, ал оорукчан, алсыз. Көрүп турасың го, ал таякка чыдай алмак эмес. Балким өлүп да калышы мүмкүн болчу. Төшөктөн жаңы эле турбадыбы.

– Бирок, сен эмне үчүн анын ордуна таяк жешиң керек?

– Эмне үчүн болмок эле. Биз аны менен ант ичишкенбиз. Ал ооруп тургандыктан, мен сак-саламат болгондугумдан аны куткарууга милдеттүүмүн.

Анча түшүнө бербедим. Кайра сурадым:

– Ант дегениң эмне?

– Билбейсиңби?

– Билбейм.


Ал күлдү, анан менден бир аз узай берип, жооп берди:

– Ал мындай: эки дос бири-бирине сөз беришет. Муну ант ичүү дешет. Ант ичкендер кандаш тууган болуп калышат. Бири-бирине өлөр-өлгөнчө жардам беришет, камкордук көрүшөт.

(Уландысы бар)

Түрк тилинен түз которгон Садык ГАВАЙ.
Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мүчөсү

# Сыздайт жүрөк



Бекин Нарынбаев акын

Азыркы заманыбыз
Башкача заман болду.
Илгерки жыргалчылык
Азыр жок, тамам болду.

Улуу муундар көрүп калды
Ал заманды.
Азыркы жаш муундарга
Жаман болду.

Кыздарыбыз, жаш жигитер,
Көчө таптап, басып калды.
Жалкоо болуп оор жумуштан,
Качып калды.
Илгерки баба дыйкан нанга жетпей
Бир тыйын жок жатып калды.
Жаштарыбыз айласы жок,
Талаа кезип, свалканы казып калды.
Карап көрсөң көпчүлүктү,
Жетишпеген бары жарды.

Жылуу орундан козголуп,
Элдин көбү көчүп жүрөт.
Кыз-келиндер оокат үчүн,
Соода кылып безип жүрөт.
Биреөнүн нан алаарга тыйыны жок,
А башкасы акчаны кечип жүрөт.
Дагы бири үй таба албай,
Бала-чака бага албай
Ыйлап жүрөт.
Бирөө минип иномарка,
Кабат үйдө, казинодо жыргап жүрөт.
Мунун баарын көрүп туруп,
Сыздайт жүрөк, сыздайт жүрөк!!!
Башка бирөө киши тонop качып жүрөт.
Дагы бирөө элди соруп,
Эл көзүнчө элдик болуп,
Көчөлөрдө басып жүрөт.

Бекер ашка семиришип,
Дагы бири тишин чукуп,
Көңүлүн ачып жүрөт.
Баласы ач дагы бири,
Кийими жок азып жүрөт.
Жаш балакай нан таба албай,
Гезит сатып, шашып жүрөт.
Жаш кыздарың, оо кыргызым!
Кандай жерде жатып жүрөт!
Мунун баары болуп турса,
Жан жукарып жоруп турса,
Ким көңүлдүү өмүр сүрөт?!
Анан кантип шаңдуу болуп,
Балдарыбыз кенен басып,
Ойноп күлөт?!
Айткылачы мындай жорук
Качан бүтөт?!
Ошолорду ойлой берип,
Сыздайт жүрөк, сыздайт жүрөк!!!

Бир туугандын үйүнө кире албастан,
Дагы бири эшикте басып жүрөт.
Аялына сөз айта албай,
Күйөө байкуш күнөөлүдөй азып жүрөт.
Аялы соода кылып, күйөөсү бала багып,
Түрдүү товар ташып жүрөт.
Бирөө ооруп, даарысы жок,
Тамак-аш, баарысы жок жүдөп жүрөт.
Айткылачы мындай арман качан бүтөт?!
Ушуларды ойлой берип,
Сыздайт жүрөк, сыздайт жүрөк!!!



# Акылмандар накылы



«Мүрзөгө даярдыксыз кирүү, деңизге кайыксыз чыгууга тете.
Өзүңө мүрзөнү эмес, өзүңдү мүрзөгө даярда»
(Азирети Абу Бакир).

"Ийри сызгычтан түз сызык чыкпайт"
(Азирети Али).

«Менин алты кызматчым бар. Алар мага көп нерселерди үйрөттү. Алардын аттары: эмне, кайда, качан, кандай, эмне үчүн жана ким»
(Рудяр Кипринг).

«Акылдуу инсан оюндагы ар бир сөздү сүйлөбөйт, бирок, сүйлөрдөн алдын ар бир сөзүн ойлонот»
(Аристотел).

«Кыйкыруунун ордун билбеген жандын доошун бир көчкү өчүрө алат»
(Али Суад).

"Кекейип бой көтөрүү белге байланган таш сыяктуу, аны менен сүзүүгө да, учууга да мүмкүн эмес"
(Ажы Байрам Вели).

"Адам, акылынын жеткен чегине чейин иштете албаса, эч нерсе жарата албайт!"
(Ейнштейн).

Күбүлгөндөй жалбырактар күз келсе,
Чаалыгат бейм жан-жаныбар бүт нерсе.
Маркумдарды өз жайына узатсак,
Коштоп барат көргө чейин үч нерсе.



Ээрчип келет үй-бүлөсү, мүлктөрү,
Анан дагы бүт өмүрлүк иштери.
Биринчи экөө үйгө кайтат кайрылып,
Бирге кетет жыйнаганы ичтеги.
Топтогону күнөөлөр же сооптор,
Андан бөлөк бар дейсиңби жүктөрү?


(Куттуу хадис)

Ак Башат казынасынан

АК БАШАТ
Руханий, маданий жана адабий журнал



# Боз үй – кыргыздардын материалдык жана рухий маданиятынын жыйындысы



Ашырайым Акматова
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

Турак-жай, үй адамдардын жашоосунун негизги шарты болуп, отурукташып жашоосунда, үй-бүлө куруусунда, дегеле, адам катары күн кечирүүсүндө негизги ролду аткарат. Ошол себептүү адамзаттын аң-сезимдүү жашоонун алгачкы этаптарында эле турак-жай маселесине өзгөчө маани берилген.

Тарых барактарында кыргыздырдын боз үйү тууралуу маалыматтар биздин заманга чейинки мезгилге таандык экендиги белгилүү. Ал эми «Манас» эпосунда кыргыздардын негизги турагы катары сүрөттөлөт. XX кылымдын Гомери аталган улуу манасчы Саякбай Каралаев боз үйдүн жасалышын, тигилишин, жасалгасын күн-түн айткан деп аңыз менен эскерилип жүрөт.

Биздин эрага чейинки экинчи миң жылдыкта көчмөн турмушта жашаган кыргыздар, казактар, монголдор, татарлар, башкырлар жана башка түрк тилдүү элдер тегерек формадагы боз үйдүн конструкциясын пайдаланып келишкен. Мындай үйлөр башка формадагы үйлөрдөн ички сыйымдуулугу, геометриялык жактан тактыгы, кооздугу жана табияттын түрдүү шарттарына ыңгайлуулугу менен айрымаланган.

Алгачкы мезгилде турак табияттын ар кандай катаалдыктарынан коргонуу үчүн колдонулганы менен, бара-бара анын мааниси улам артып, аткара турган функциясы кеңейип отурган. Адамдар барган сайын өз жашоосуна кам көрүп, ыңгайлуу шарт түзүп, улам турмуш ылайыгына жараша турактын түзүлүшү татаалданып бара берген. Адам чөйрөсү үй курууга керектүү табийгый таш, топурак, өсүмдүктөрдөн тургандыктан, ал материалдар кеңири пайдаланылган.

Көчмөн элдердин турмушуна ылайыкталган турактын түрү алгач үч бурчтуу, андан кийинчерээк көп бурчтуу, тегерек формага ээ болуп, алар жашаган жердин климатына ылайыкташтырылып, жогоруда айтылгандай, табийгый жана колдо бар, өздөрү баккан малдан, өстүргөн өсүмдүктөрдөн алынган материалдардан жасалган.

«Үй» деген сөздүн этимологиясына кайрылсак, сөздүн пайда болуш тарыхында эң алгачкы уңгу сөздөр аз гана муундан туруп, байланыштын куралы катары эң жөнөкөй маанини билдиргени менен, ошол уңгу сөздөр кийинки жаңы сөздөрдүн пайда болушуна, жасалышына негиз болгондугу окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн белгилүү. «Үй» сөзү эне тилибиздеги «үйө берүү, жыйноо, топтоо» деген маанини берген этиш сөздөн алынып, жашоого керектүү нерселер үйүлгөн жер «үй» (турак маанисинде) деп аталып, анын айланасына пикирлеш адамдардын тобу чогулуп, семантикалык жол менен «үй» деген зат атооч сөз пайда болгон. Улам барган сайын коом жаңыланып, аң-сезим байып, ошону менен бирге мурда жөнөкөй түшүнүктү билдирген сөздөрдүн мааниси кеңейип, колдонулушу жагынан да өстү, өнүктү. Натыйжада «үй» байыркы мезгилде тар маанисинде үйүү түшүнүгүн билдирсе, азыркы мезгил-

де үй улуттук турак, турак жайдын ар кандай түрлөрү, ал эми боз үй кыргыз элин башка элдерден айрымалап турган символдук белги катары да колдонулуп калды.

Ырас, совет доорунда кыргыз элинин улуттук турагы болгон боз үйгө жасалган мамиле солгундап, жамандыкта гана тигилип, анан өсүп-өнүгүү процесси токтоп да калды. Анысы аз келгенсип, бирөөнүн эшигине боз үй тигилсе, жамандык болгон турбайбы деген түшүнүк калыптанып, андан алиге чейин арылбай келебиз. Боз үйгө жасалган мамиле эгемендүүлүк жылдарында жанданып, ошондон бери анын түзүлүшү, жасалгасы өркүндөтүлүп келе жаткандыгы бир жагынан ата мурасынын кайра жаралышын туюнтса, экинчи жагынан элибиздин улуттук сезими кайра жаралууга дуушар болуп, боз үйдү мурунку ата-бабалар кандай барктап-бааласа ошондой даражага жетип калгандыгы кубанарлык көрүнүш. «Манас» эпосунун миң жылдыгына арналып тигилген боз үйлөр, андагы 12 канаттуу, 3 кабатуу үй не деген гана керемет. Аларды карап туруп, кыргыздардын фантазиясына, кол өнөрчүлүгүнүн чексиздигине баа бересиң.

Кыргыз эли боз үйдө жылдын төрт мезгилинде тең жашап, өз жашоосуна ыңгайлаштырып ар түрдүүчө жасашкан. Боз үй кыштын ызгаардуу суугунда тегереги бекитилип, коломтого от жагылып адамды суукта сактаса, жазгы жааган жаандан, күндүн аптабынан, күзгү шамалдан сактануу үчүн шарт түзүлгөн. Ал эми боз үйдүн ичиндеги түзүлгөн микроклимат адамдын ден-соолугу үчүн абдан пайдалуу келет.

Жылдын кайсы мезгилинде болбосун табияттын түрдүү шарттарында боз үйдү аман сактап калуунун жолдорун да акыл жаздымында калтырышкан эмес. Боз үйдүн өзүн ар кандай кырсыктардан сактоону да кыргыздар өтө чеберчилик менен ойлонгон. Мисалы, кышында аны кардан арылтып, жаккан оттун табынан жабуусу кургатылган. Туурдукту сыйрып, жерге салынган буюмдарды бийик секилерге коюп селден сактаган. Желбоону ортого кагылган казыкка бекем байлап, өрө кийизди сыйрып салып катуу шамалдан аман алып калышкан.

Пайда болуу, калыптануу мезгилинде боз үй көптөгөн турмуштук сыноолордон өтүп, алымча-кошумчалары менен такталып, толукталып, кыргыз элинин материалдык маданиятынын эң мыкты үлгүсү катары биздин күнгө келип жетти. Боз үй бара-бара жөнөкөй эле жашоо турагы болбостон, ар бир улуттун кол өнөрчүлүгүнүн көргөзмөсү катары, көздүктү, сулуулукту тартуулайт. Анткени боз үйдүн жасалышы, тигилиши, чечилиши өзгөчө бир жөрөлгөлөр менен коштолуп, чеберчиликти талап кылат. Алсак, боз үйдүн бөлүктөрүнөн болгон сөөгү (жыгачы) түндүк, уук, кереге, босого таяк, каалга жана ача бакан мыкты жыгач устанын чеберчилигинен жаралса, ал эми калган бөлүктөрү өрө кийизи, боо-чуусу, чийи, аяк кабы, чыны
















кабы уз айымдардын чебер колдорунан жаралат. Бул буюмдардын жасалышында кол өнөрчөлүктүн жыгач устачылык, узчулук, зергерчилик, сайма, чий чырмоо ж.б. сыяктуу көптөгөн түрлөрүнүн биргелешкен аракети сарп кылынат.

Ар бир улуттун жашоо шартына, жаратылышына, мүнөзүнө, дүйнө таанымына, философиялык көз карашына, рухий байлыгына жараша элдик кол өнөрчүлүк да ар түрдүү болот эмеспи. Мына ушундай ар түрдүүлүк кол өнөрчүлүктө улуттук колоритти жаратып, бир улуттан экинчи улутту айрымалап турат. Кыргыздын боз үйү башка канатташ элдерде тигилген үйлөргө караганда өзүнүн жогорудагыдай белгилери менен өзгөчөлөнөт. Үйдүн формасы, жасалышы, коолдолушу, андагы түшүрүлгөн оймо-чиймелер кыргыз жеринин жаратылышына шайкеш келип, элдин рухий маданияты менен сугарылган нукура улуттук колоритти чагылдырат.

Байыркы ата-бабалардан бери жашап, турмуш кечирип келген боз үй кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн мыкты үлгүсү гана эмес, рухий маданиятынан да терең орун алган. Анткени боз үйгө байланышкан буюм-тайымдар салттуулук мүнөзгө ээ болуп, ар биринин колдонулушу өзгөчө жөрөлгө менен коштолот. Мисалы, түндүк – жашоонун, үй-бүлөнүн символун билдирген ыйык буюм катары каралса, босого – таяныч, үйдүн кире бериши, үй-бүлөнүн сырткы чеги сыяктуу түшүнүктөрдү берет. Элибизде түндүк көтөрүү, үй көтөрүү жөрөлгөсүндө эр жигиттин түндүк көтөрүшү, түндүктөн койдун башын ыргытуу, от жагып түтүн булатуу, чачыла чачуу сыяктуу үй ээсинин келечегине каалоо тилектерди билдирген ага тиешелүү ырым-жырымдар аткарылат. «Түндүгүң көтөрүлсүн» - өз алдынча үйлүү бол, дайыма бар бол, «түндүгүңдөн дайыма түтүн булап турсун» - дайыма аман-эсен бол, барчылыкта жаша, коломтоң өчпөсүн , ал эми босогого байланыштуу «ак босого» - ак тилектүү, ак жолтой болсун, «ак босогону аттоо» - көбүнчө келинге карата айтылып, келген жериңден бак тап, бактылуу бол деген түшүнүктөр жакшы тилекти билдирет. «Түндүгү түштү» - «ак босого бузулду» деген айтымдар адамдын турмушундагы жагымсыз окуя болгонун, кейиштүү жаман жышаананы билдирип турат. Ошондой эле элде түндүктү башка буюмдардан жогору коюу, бут тийгизбөө, босогону жөлөнүп турбоо, босогону таза кармоо сыяктуу ахлактык жакшы жөрөлгөлөр бар.

Боз үй кыргыз элинин ата-бабалардан бери келе жаткан материалдык жана рухий байлыгы, мурасы. Анткени улуттук кол өнөрчүлүктүн мыкты үлгүлөрүнөн жасалган боз үйгө кыргыз элинин рухий байлыгы да сиңирилип, эки багыттагы мурастын синтези катары бааланат. Кыргыз элинин символдук белгилеринин бири катары түндүктүн алынышы мамлекеттин, элдин улуттук сезиминин кайра жаралышын айгинелеп турат.

# Сойкулуктун ден-соолукка тийгизген терс таасири

Сойкулуктан улам пайда болгон ар кандай коркунучтуу жугуштуу оорулар акыркы жылдары дүйнөлүк көйгөйгө айланып келет. Кайсы кылмыш, кайсы гана жорук жаман, кесепеттүү болбосун, Алла Таала ага «Жакын жолобогула!» деп тыю салган. Анткени Ал бүт нерсени Биүүчү Зат. Бул жерден Жараткан Алланын биз пенделерин ашкере сүйөрүн даана байкоого болот.

Мына ушул аты жаман жоруктун кесепеттерин «ден-соолук» рубиркасынын кезектеги чыгарылышында сиздирге маалымдоону туура көрдүк. Урология боюнча Республикалык илим изилдөө борборунун кызматкери, медицина илимдеринин кандидаты Нурбек Монолов агай аталган тема тууралуу бизге буларды айтып берди:


«Учурда көптөгөн адамдар терс жолго баруунун айынан жугуштуу «гонорея» ооруусун жугузуп алып жүрүшөт. Бул дарттын өтүшүп кетиши абдан коркунучтуу. Бул оору аялга да, эркекке да абдан оңой жана тез жугат. Заара келчү канал иринге толуп, бүтөлүп, бири-бирине жабышып калат. Мында эркектин жыныстык мүчөсүнөн кадимкидей ириң агып, жадагалса заара кыла албай калат. Ошондуктан дарыгерлер адамдын курсагын тешип, заара келчү каналды кесип трубка туташтырып беришет.

Эркектер бул илдетти көчөдөн жугузуп алганын байкабай келип, өзүнүн жубайына да жугузат. Эгер аялынын боюнда бар болсо, ымыркай сөзсүз ошол оору менен төрөлөт. Тактап айтканда, ымыркай гонорея же сифилис болуп төрөлөт. Ошентип бул оорунун айрым түрлөрү көпкө билинбей ичтен ириши себептүү жаш бүлөлөр тукумсуз болуп калышат. Эгер бул дарт өтүшүп кетсе, эркектерди импотенцияга чейин жеткирет.

Дагы бир коркунучтуу дарт – бул сифилис. Мунун вирустары адамдын организминде көпкө чейин билинбей жүрө берет. Сырттан билинбегени менен кемирчекти жейт, жумшак, назик саналган кулактар түшөт, тамакты былбыратып түшүрөт, жүлүндөр бири-бирине жабышып, өз милдетин аткара албай калышы мүмкүн.

Жыныстык катнашуудан улам жуккан оорулардын эң эле коркунучтуусу ВИЧ/СПИД болуп эсептелет. Бул коркунучтуу оору менен күрөшүүдө биздин медицина алсыз. Бул дарт такыр айыкпайт. Муну жугузуп алган адамдын коргонуу-иммунитети жоголот. Натыйжада грипп, жөтөл же грибок сыяктуу жеңил оорулардан көз жумат. СПИДке чалдыккан бир адамды дарылоо үчүн көптөгөн каражат кетет. Чынын айтсак, андай акча азыр оорулууда да, мамлекетте да жок. Эгер муну менен чындап күрөшпөсө улуттук трагедияга айланып кетет. ВИЧ-инфекциясына чалдыгуунун 74 пайызы ийне сайынуу (наркомандык) аркылуу жана 22 пайызы жыныстык катнашуу жолу менен жугаары далилденген.

Жугуштуу ооруларга чалдыккандардын көпчүлүгү азыркы жеке адамдарга таандык клиникаларда дарыланып жүрүшөт. А жеке клиникалардагы дарылоонун жана дарылардын сапатына "жүз пайыз" деп эч ким кепилдик бере албайт. Айрым мекендештерибиз болсо "самолечение" деп койот, өзүн-өзү дарылашат экен. Досунан же башкалардан угуп алып өтө кооптуу дарылоо ыкмасын колдонушат. Мындай жолго баргандык өз өмүрүн өлүмгө түрткөндүккө жатат. Көпчүлүк адамдар ириң токтоп калса эле "айыктым"




деп ойлошот, бирок толук кандуу дарылоодон өтпөгөн соң вирус адамдын организминде кала берет да, көп убакыттан кийин айыккыс илдет болуп чыга келет. Маселен, "Микопазин" "Урепазин" деген жана башка коркунучтуу инфекциялар бар. Буларды жаңыча ыкмалар менен гана дарылабаса, айыгышы өтө эле кыйын. Жеке тажрыйба менен дарылоого мүмкүн эмес деп койсок да болот. Союз учурунда мындайларды билип калса, ал адам кимдер менен болгонуна чейин милициянын жардамы менен таап келип, баарын каттоого алып таза айыкканга чейин дарылачу.

Биздин өлкөнүн жарандарынын дээрлик көпчүлүгү мусулман болгондуктан бул көйгөйдү токтотууга жана жоюга жапатырмак киришишибиз керек. Сойкулукту мыйзамдаштыруу акылга сыйбаган нерсе. Анткени биздин менталитетибиз, улуттук баалуулуктарыбыз бар. Эгер мыйзамдаштырууга барсак, анда, улуттук баалуулуктарыбызды, динибизди, баалуу сапаттарыбызды чанган болуп эсептелебиз".

Ак Башат казынасынан

# Казакстан

Абдуллах Калабалык






Өлкөнүн расмий аты - Казакстан республикасы. Казакстан Орто Азия менен чыгыш Европанын ортосунда жайгашкан. 2.727.300 км 2 аянт жерге ээ болуп, дүйнө жүзүндө аянтынын чоңдугу боюнча тогузунчу орунда турат. Түндүгүнөн Россия, түштүгүнөн Түркмөнстан, Өзбекстан жана Кыргызстан, чыгышынан Кытай эле республикасы менен чектеш. Көз карандысыздыгына чейинки, тагыраак айтканда, 1989-жылкы каттоодо элинин саны 16.464.000 адам болсо, 2006-жылкы каттоодо бул көрсөткүч 1.164.000ге кыскарып, 15.300.000 адамды түзгөн. Бүгүнкү күнү Казакстан дүйнөдө калкынын саны боюнча 62-орунда турат.

Казак улутунун пайда болушу: Алтын Ордо мамлекети кулагандан кийин Дешт-и кыпчак жергесиндеги түрк уруулары Ногой Хандын хандыгына баш калкалап, Ногой кагандыгын түзүшкөн. Убакыттын өтүшү бул кагандык Казак хандыгы деген аталыш менен 1465-жылдан 1847-жылга чейин Кыргыз жериндеги уруулардын атына айланган. Казак хандыгы бүгүнкү Казакстандын чөлкөмүндө «улуу жүз» «орто жүз» жана «кичи жүз» деген үч бөлүктөн турган. Бул жүздөр хандын балдары тарабынан башкарылган. 1771-жылдан баштап береги жүздөр бири-биринен көз карандысыз аракет кыла башташкан.

1770-жылдын акырында казак жүздөрү күчтүү орус империясы менен кытайдын ортосундагы тирешүүнүн ортосунда калган. 1847-жылы казак ханы Кененсарынын учурунда орустар казак жүздөрүнө толугу менен үстөмдүгүн тургуза алышкан. 1863-жылы Орто Азияда «Орус башкармалыгы» курулуп, өлкөнү майда-майда бөлүктөргө бөлүшкөн.

Бул учурда орустар бүгүнкү казактардын чөлкөмүн «казак кыргыздары хандыгы» (б.а. кыргыздын казагы хандыгы) деп аташкан. 1900-жылдары орус көчмөндөрүнүн агымы көбөйүп Кыргыз жерлерине отурукташкан. 1906-жылы Орто Азия менен Орусияны бириктирген темир жолу курулган.

1912-1917-жылдары саясий себептер менен ачарчылык күч алып, орус өкмөтүнө каршы Орто Азияда көтөрүлүш башталган. 1917-жылы Орусияда төңкөрүш болуп, Орто Азияда белгилүү деңгээлде эркиндик орногон.

1917-1920-жылдардын аралыгында илгерки казак жүздөрү биригип эркин «Алаш Ордо мамлекетин» курушкан. Өкмөттүн башына Аликхан Бокейханов келип, борбору Семей шаары болгон. Бул өкмөт үч жыл гана жашаган. 1920-жылдан баштап СССР доору башталган.

## СССР доору

1920-жылы Орто Азияда орустар советтер союзун түзүшкөн. Орус өкмөтү бүгүнкү Казакстанда курулган мамлекетти «Кыргыз АССРи» деп аташкан. 1925-жылы орус өкмөтү кайра береги Кыргыз АССРин «Казакстан АССРи» деп өзгөрткөн.

Алгачкы жылдары Оренбург шаары Казакстандын карамагында болсо да, кийин Орусиянын карамагына кирип калган. Өлкө 1936-жылы «автономдуу» сөзү алынып салып «Казакстан ССРи» деп аталган. 1924-жылдан 1934-жылга чейин жер иштетүү маселесине байланыштуу бир катар көйгөйлөр жараян этип, көптөгөн казактар уйгурлардын жерине журт которушкан.

Экинчи дүйнөлүк согушта чоң жоготууга учурап, оор машакаттарды башынан өткөргөн Казакстан ССРи СССР доорунда жер иштетүү саясатынын борборуна айланган. 1990-жылы жараян эткен экономикалык жана саясий кыйчалыштардын (кризистердин) жыйынтыгында СССРдин кулашынан кийин 1991-жылы көз карандысыздыгын алып, дүйнөлүк аренада өз ордун тапты.

Казакстан 2,7 миллион км² жери менен дүйнө жүзү боюнча тогузунчу орунду ээлейт. Казакстан учурда бул жери менен бүтүндөй Батыш Европа мамлекеттери ээлеген жерден да чоң. Борбор калаасы Астана шаары. Чоң шаарларынан Алматы, Караганда, Чымкент, Семей, Акмоло, Шевченко, Байконур жана Түркстан шаарларын эскерүүгө болот. Калктын %80 мусулман, %10 буддист, %9 атеист жана %1 башка ишенимдерди карманышат.

Өлкөдө жайгашкан көлдөр: Балхаш көлү, Арал көлү. Маанилүү дарыялары: Иле дарыясы, Иртыш дарыясы, Ишим дарыясы жана Урал дарыясы.

## Эл каттоо:

1926-жылы Казакстанда 3,713,000 адам катталса, 1959-жылкы каттоодо бул көрсөткүч 1 миллион адамга кыскарган. 1989-жылкы каттоодон (16,464,000 адам) кийин 10 жыл аралыгында жылдык орточо 1 пайыздык кыскаруу байкалып, 1999-жылкы каттоодо 14,953,000 адам катталган. 2000-2001-жылдары да кыскаруу жараяны уланса да, 2003-2004-жылдары бул жараян басаңдап, кайра % 0.7 өлчөмүндө жогорулап, калктын саны 14,951,000ге жеткен. Ал эми эң акыркы 2006-жылкы каттоодо 15.300.000 адам каттоодон өткөн.

Казакстанда этникалык топтордун саны төмөнкүчө: казактар %59,2, орустар %25,6, украиндер %2,9, немецтер %1,4, өзбектер %2,9, татарлар %1,5, уйгурлар %1,5 ды түзөт.

Эгемендүүлүк менен саясий-экономикалык эркиндикке жеткен Казакстанда мунайзат, уран, темир, алтын жана коргошун сыяктуу кен байлыктары бар.

Казакстан кен байлыктары жагынан өзгөчө маанилүү өлкө. Өлчөмү жана түрдүүлүгү өңүтүнөн минералдык жана чийки зат кендери менен дүйнөнүн саналуу өлкөлөрүнүн катарына кирет. Казакстанда 1225 түрдүү минералдык затты камтыган 493 кенбайлыгы бар. Уран, хром, коргошун жана цинк кен байлыктары боюнча дүйнөдө экинчи, марганец боюнча үчүнчү, ал эми жез кенбайлыгы боюнча бешинчи орунда турат. Көмүр, темир жана алтын резервдери боюнча Казакстан дүйнөнүн алгачкы он өлкөнүн, табигый газ, мунайзат жана алюминий резервдери боюнча кезеги менен алгачкы он эки, он үч жана алгачкы он жети өлкөнүн катарынан орун алат. Казакстанда 1996-жылы дүйнөнүн эң чоң үчүнчү алтын кенбайлыгы табылган.

Өлкөнүн минералдык жана чийки зат өндүрүшү өз муктаждыгынан алда канча жогору турат. Ошондуктан бизмут, титан, жез, марганец концентрациялары өндүрүшүнүн 90 пайызы, мунайзат, коргошун жана цинк өндүрүшүнүн 80 пайызы, ал эми көмүр, темир жана хром өндүрүштөрүнүн 50 пайызынан ашыкчасы импортко чыгарылат. Казакстандагы кен байлыктар 2 триллион АКШ долларынан ашыкча сумманы түзөт.

Түркия мамлекети 1991-жылы Казакстан көз карандысыздыгын жарыялаган соң 15 мүнөттөн кийин анын көз карандысыздыгын тааныган. Казакстан республикасында 1994-жылдан бүгүнкү күнгө чейин 3000 чет өлкөлүк уюмдар иш-аракеттерин жүргүзүп, Казакстанда жараян эткен чет өлкөлүк инвестиция 8 миллиард АКШ долларына жеткен. Бул көрсөткүч 16 жылдык эгемендүүлүгү бар өлкө үчүн өтө зор мааниге ээ.





# Жер шары



Бакыт Жунусалиев

"Ал (Алла) жерди жайып төшөгөн, анын үстүнө тоолорду кадап, дарыяларды жасаган. Ар бир мөмө жемишти Ал жуп кылып жараткан. Күндүзду түн менен жапкан. Акыйкатта, мында акыл жүгүрткөн адамдар үчүн (Алланын бар экендигин даңазалаган) далилдер бар" (Раад сүрөсү, 3-аят).

Учурда заманбап технологиянын жардамы менен окумуштуулар асман телолорун, алардын географиялык абалын, биологиялык, физикалык, химиялык курамын изилдөөгө жетишүүдө. Ал эми өзүбүз жашаган жер шары тууралуу маалыматтар эбак белгилүү болгон. Ошентсе да, журналыбыздын бул санында өзүбүз жашаган жер планетасы тууралуу маалыматтардын айланасында кеп курууну туура көрдүк. Себеби, өзүбүз жашап жаткан планетанын айрым статистикалык маалыматтары баарыбыз үчүн кызыктуу болот деген ойдобуз.

## Алгач жер шары тууралуу маалыматтарга токтолоу.

Жердин тышкы катмары орточо эсеп менен 6 км. ден (океандын алдынан) 30-50 км. ге чейин (кургактыктын алдынан) каптап турат. Андан ары жердин мантиясы 5-70 км. ге чейин созулат. Мантия жердин көлөмүнүн 83% ын, ал эми массасынын 67% ын ээлейт. Жердин чок ортосу ядро деп аталат да кадимки лава сыяктуу заттан турат. Ядронун температурасы 7000 К, ал эми басымы - 360 ГПа га жетет.

Жер шарынын экваторунун жалпы узундугу 40.075 км.,

Жердин бетинин жалпы аянты 510 065 700 км² .

Орточо радиусу – 6371.3 км.,

Массасы – 5,9737×1024 кг.,

Атмосферанын курамы:

Азот – 77%

Кычкылтек – 21%

Аргон – 1%

Башкалар - 1%

Жер бетинин 70,8% ы (361,132 млн. км²) суу каптап турат, болгону 29,2% ы (148,94 млн. км²) кургактык болуп эсептелет.

Жер өз огунда 23 саат 56 мүнөт 4.091 секундада айланып чыгат. Ал эми Күндүн айланасында болжол менен 30 км/секунда (108 000 км/саат) ылдамдык менен 150 млн. км. алыстыкта айланып жүрөт. Айлануу ылдамдыгы жыл мезгилине жараша бир аз айырмаланат б.а. июль айында январь айына караганда тезирээк айланат.

Жер шарын негизинен дүйнө бөлүктөрүнө жана материктерге бөлүп карайт. Европа, Азия, Америка, Африка, Австралия, Антарктида болуп, жалпысынан алты дүйнө бөлүгү бар. Ошондой эле жер шары түндүк жана түштүк жарым шардан турат. Алардын чектешкен жери экватор болуп эсептелет. Түндүк жарым шарында Европа, Азия, түндүк Америка жана Африканын жарымы орун алган. Ал эми түштүгүндө Африканын экинчи жарымы, Түштүк Америка, Антарктида жана Австралия жайгашкан.

Дүйнө бөлүгүнүн эң бийиги – Антарктида. Анын деңиз деңгээлинен бийиктиги орто эсеп менен 2040 метрди түзөт. Ал эми эң төмөнү – Европа. Себеби, анын деңиз деңгээлинен бийиктиги болжол менен 300метр болот.


Ал эми материктердин эң чоңу – Евразия болуп эсептелет. Ал Европа жана Азиядан туруп, аянты 55 млн квадрат километрди түзөт. Экинчи орунда 30 млн. квадрат километр аянты менен Африка турат. Ал эми аянты боюнча эң кичинекей материк – түштүк жарым шарда жайгашкан Австралия болуп эсептелет. Австралиянын аянты 8,5 млн. квадрат километрди түзөт. Ал эми материктердин жалпы аянты 139 млн. квадрат километрди түзөт.

Дүйнөдөгү эң бийик чокулар Азияда жайгашкан. Мисалы ушул жерде дүйнөдөгү эң бийик тоосу Гималай жана андагы эң бийик чоку катары картага түшкөн Джомолунгма (Эверест) чокусу жайгашкан. Чокунун деңиз деңгээлинен бийиктиги 8848 метрди түзөт.

## Эң бийик материк

Эң бийик материк катары Антарктида алдына ат салдырбайт. Себеби, аны бийиктиги дээрлик бир километрге жеткен муз каптап турат. Кылымдардан бери өзгөрүүсүз турган бул муз катмары жер шарынын бардык муздарынын 9/10 бөлүгүн түзөт.





## Эң көп өлкө жайгашкан материк

Чоңдугу боюнча 30,3 млн. квадрат километр аймагы менен экинчи орунда турганы менен Африка 48 мамлекетти өзүнө батырган. Андагы эң чоң мамлекет болуп эсептелген Судандын аймагы Европанын ¼ бөлүгүнө барабар. Ошондой эле Африка эң жогорку температурасы менен да белгилүү.

## Эң чоң вулкан

Дүйнөдөгү эң чоң вулкан Тынч океандын ортосундагы Гавайда  жайгашкан Мауна-Лоа болуп эсептелет. Ал деңиз деңгээлинен 4169 метр бийиктикте жайгашып, узуну 120 километр, туурасы 60 километр аянтты ээлейт. Бул вулкандын лавасы 6000 квадрат километрди каптап турат. Охос-дель-Саладо вулканы (Чили жана Аргентинанын ортосунда) мындан да жогору,  деңиз  деңгээлинен 6878 метр бийиктикте  орун алган. Ал эми Европадагы эң бийик вулкан Италиянын Сицилия аралында  деңиз деңгээлинен 3340 метр бийиктикте жайгашкан

Негизи, жер шарынын жашоосунда суунун көлөмү канчалык маанилүү экенин баарыбыз эле билсек керек. Ал эми суунун канчалык көп экенин океандар менен кургактыктын көлөмүн салыштыруу менен биле алабыз. Ошентсе да окумуштуулар айрым эсептөөлөрдү жүргүзгөндө төмөнкүдөй маалыматтар алынган: жер жүзүндөгү суунун жалпы запасы 1300 млн. млрд. тонна. Анын ичинен таза (туссуз) суу 35 млн. куб километрин  б.а. суунун жалпы запасынын  1/40 бөлүгүн түзөт. Кызыгы – жердин дээрлик 70 % ын ээлегенине карабастан, суунун жалпы салмагы б.а. 1300 млн. млрд. тонна - бул жер шарынын салмагынын 2 гана пайызын түзүп калат экен.

Ал эми океандардын эң чоңу Тынч океан аянты менен гана эмес тереңдиги менен да алдыңкы орунда турат. Анын орточо тереңдиги 4300 метр болот. Тынч океандын эң терең жери болгон Мариан чуңкуру 11022 м. түзөт. Ал эми Атлантика океаны (орточо 3300 м. эң терең жери 9219 м.) жана Жер ортолук деңизи (орточо 1500 м. эң терең жери 5000 м.) андан кийинки орундарды багындырып турат. Ал эми эң терең көл катары Байкал көлү алдыңкы орунда турат. Байкалдын орточо тереңдиги 700 метр, ал эми эң терең жери 1600 метрге чейин жетет.

Дүйнөдөгү эң узун дарыя бүтүндөй Түндүк Африка аркылуу өткөн (Уганда, Судан, Египет (Африка) Нил дарыясы болуп эсептелет. Анын узундугу 6671 км. ге, жалпы аянты 2867 миң км2. болот. Ал эми аянтынын чоңдугу боюнча Түштүк Америкадагы Амазонка дарыясы алдыда. Амазонка дарыясынын жалпы аянты 7 миң км². ге жетет. Андан кийин ошол эле Түндүк Американын Миссисипи дарыясы 6019 км узундугу менен үчүнчү орунда турат.

(Материалдар интернет барактарынан даярдалды.)

ХАБАРЛАР

## Диний уюмдар дагы ВИЧ/СПИД ке каршы

Кыргызстанда 2004-жылдан бери аялдардын «Хадисы» аттуу прогрессивдуу коому иштеп келе жатат. Бул коом 2008-жылдын 25-июнунда борбор калаабыздагы «Ысык-Көл» мейманканасында «Диний коомдор, жаштар жана аялдар арасында ВИЧ/СПИД инфекциясынын профилактикасы» деп аталган проекттин жыйынтыктоочу тегерек столун өткөрдү. Аталган тегерек столдун максаты тууралуу «Хадисы» коомунун жетекчиси Мусуралиева Салтанат бизге буларды айтып берди: «Бүгүнкү тегерек стол жыйынын биз ВИЧ /СПИД, туберкулез жана малерия ооруулары менен күрөшүү максатында өткөрдүк. Биз муну Глобалдык фондунун гранты боюнча уюштурдук.

2005-2006 жылдарда биз Бишкек шаары боюнча изилдөөлөрдү жүргүздүк: Азыр болсо Чүй жана Жалалабад областтарында диний коомдордун ВИЧ/СПИД көйгөйү тууралуу маалыматтары барбы; бул ооруда профилактика чараларын жүргүзүү; ооруунун алдын алуу жолдору жөнүндө маалыматтары барбы; бул маалыматтарды кайдан жана кантип алса болот; кайсы жерлерден текшерилүүдөн өтсө болот жана жалпысынан бул оорууу жөнүндө базалык кандай маалыматтары бар – мына ушул аталган суроолор боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында калктын, диний коомдордун ВИЯ/СПИД оорусу боюнча маалыматы абдан төмөн экендигин билдик. Бул каргашалуу ооруну жугузууда жаштар эң жогорку көрсөткүчкө ээ. Экинчиден, аялдардын бул тууралуу маалыматы өтө аз. Бишкек шаарында аялдардын мечитке барууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал эми Жалалабад, Ош облустарында аялдар мечиттерге бара алышпайт. Жаман жолдор, алардын кесепети саналган ВИЧ/СПИД оорууcу тууралуу маалыматты ала турган жерлери жок. Өлкөбүздөгү ВИЧ/СПИД оорууcу менен күрөшүп жаткан көптөгөн уюмдар жана биздин бирикме бул көйгөйдөн шарияттын, диний бирикмелердин жардамы менен арыла алабыз деген ойго келип, учурда диний коомдор менен чогуу-чаран иш алып барып жатабыз. Диний коомдор Исламдын мыйзамдарын, Куранды, хадистерди билишет. Биз алардын жардамы менен жаштарга Алла Таала эмнеге уруксат берет, эмнеге уруксат бербейт, ушуларды түшүндүрүү менен аларды тарбиялоого аракет кылабыз. Чынын айтайын, учурда биз диний жогорку билими бар инсандарыбыз тарабынан чон колдоого арзып, алардын жардамы аркылуу бир топ ийгиликтерди багынта алдык.

Эң кейиштүү экинчи маселе, сойку кана ачылса салык төлөмдөрү артып, каржылык кирешелердин көбөйөрү тууралуу биздин парламентте сөздөр болуп, ал тургай муну мыйзамдаштыруунун жолдорун издеп жатышат. Бул маселе дагы бүгүнкү тегерек столдо козголуп кетип, келген мекендештерибизди бир топ түйшөлтүп салды. Бирок, мен мындай мисал келтирейин, учурда биздин каржы адистер алкоголдук ичимдик өндүрүү тармагынын өнүгүп жаткандыгына кубанып жатышат, кирешени кадимкидей жыргап санап жатышат. Эч кимиси канчалаган жаштардын, ата-энелердин арактын айынан турмушу бузулуп, ал тургай кан төгүлүп, далай кылмыштардын көбөйүп жатканы тууралуу ойлогон жери жок. Эми, жанакындай мыйзамды кабыл алып, сойку кананы ачуу менен көптөгөн жаш кыздардын, алардын ата-энелеринин турмушуна, абийирине балта чабыларын, эл-журтубуз арам кирешеден азыктанарын кимиси ойлоп жатты болду экен?! Мен албетте мындай жолду туура эмес деп эсептейм».

## Рамазан Кадыров: «Суфизм бардык прогрессивдүү мусулман коомчулугун бириктирет».

6- июль күнү Гудермес калаасында «Ислам коомунун өнүгүүсүндө суфизмдин ээлеген орду» аттуу чоң конференция өттү. Чечен Республикасынын президентинин басма сөз кызматы билдиргендей, бул конференцияны Дүйнөлүк ислам лигасы жана Чечен Республикасынын Дин иштер башкармалыгы уюштурган.

Конференцияны өткөрүү демилгесин дүйнөлүк ислам лигасы сунуштап, Чечен Республикасында өткөрүүнү туура көрдү. Конференцияга катышуучу катары Дүйнөлүк ислмага үгүттөө уюмунун катчысы Мухаммад Аш- Шариф жана анын биринчи орун басары Махмуд Хусейнрик, Дүйнөлүк ислам конференциясынын мүчөсү Бухара Ислам Институтунун профессору Мухаммад Садык Мухаммад Юсуп (Чечен Республикасынын президенти Ахмад Кадыровдун алгачкы мугалими), МГИМОнун профессору, тарых илимдеринин доктору Алексей Малошенко, Россия мусулмандарынын комитетинин жетекчиси Гейдар Джемал, ислам алымы Али – Вячеслав Полосин, ошондой эле Россия Федерациясынын муфтийлери келишти.

Чечен Республикасынын дин иштер башкармалыгынын билдирүүсүнө карганда, конференцияга 200 гө жакын дин алымдары катышкан. Алардын ичинен сексени Россия Федерациясынан келишти, ал эми калгандары чет элдик алымдар болду. Конференцияда «Ислам дүйнөсүндө суфизмдин ролу жана ээлеген орду», «Түндүк Кавказда суфизмдин ролу», «Жаштарды адеп ахлактык тарбиялоодо тарикат методунун ээлеген орду», «Негизги билимдин булагына жетүүдө тарикат», «Мамлекеттин түптөлүшүндө суфизмдин незигдеринин таасири» аттуу темалар боюнча билдирүүлөр жана талкуулар жүрдү.

Бул конференция тууралуу Чечен Республикасынын президенти Рамазан Кадыров төмөнкүдөй оюн билдирди: «Конференция дүйнөлүк мусулман элдер лигасынын демилгеси менен Гудермес шаарында өттү. Бул жигердүү иш-чара элибиз үчүн өтө чоң мааниге ээ. Анткени суфизм Ислам динин изги баалуулуктарын өзүнө камтыйт. Суфилер ар дайым ислам динин өнүгүүсүнө жана бүтүндөй дүйнөгө таралуусуна эбегейсиз зор салымын кошуп келишкен. Азыр экстремистик көз караштар күч алып турган мезгилде жалгыз суфизм гана бардык прогресивдүү мусулмандарды өз канатына алып, бирдиктүү иш алып барууга жөндөмдүү экендигине ишенем».

# Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы

# БИЛДИРҮҮ

2008 – жылдагы Ажылык сапарын уюштуруу боюнча Кыргызстан мусулмандар дин башкармасынын билдирүүсү

– Сауд Араб мамлекетинин Ажылык иштери боюнча министрлиги менен түзгөн келишим (протокол) боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ажылыкты уюштуруу боюнча токтомунун жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасынын № 15 - токтомунун негизинде 2008-жылы Кыргызстандан ажылык сапары учак (самолёт) менен гана уюштурулат;

– Кыргызстандан ажылыкка жер транспорту менен барууга уруксат берилбейт;

– Сауд Аравиясынын Ажылык министрлиги тарабынан 2008-жылдагы ажылык сапары үчүн Кыргыз Республикасына бөлүнүп берилген 4500 орун (квота) Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан облустук, Бишкек жана Ош шаардык Казыяттарга бөлүнөт. Казыяттар өз кезегинде район, шаарларга, айыл-өкмөттөрүнө бөлүштүрүшөт. Мындай бөлүштүрүү иштерин ажылыкты уюштуруу боюнча түзүлгөн Республикалык Штаб көзөмөлдөйт;

– Ар бир райондук жана шаардык борбордук мечиттерде ажыга баруучуларды каттоо китеби ачылат. Ажыга баруучу, кайсыл ажы башчы менен барса да, өзү жашаган райондук, шаардык борбордук мечитте ачылган журналга катталып, орун алуусу зарыл. Эгерде өзү жашаган районго, шаарга бөлүнгөн квотага кирбей калса, виза алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албайт ;

– Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан уруксат алган ажы башчыларга, облустук Штаб (Казылар) облуска берилген квотадан бөлүштүрүп берет. Мында албетте ажы башчынын тажрыйбасы, мүмкүнчүлүгү эске алынат;

– Айрым район, облустарга бөлүнгөн квоталарга ажыга баруучу адамдардын саны жетпей калган учурда ашып калган орундар башка район, облустардын баарына тең бөлүнөт;

Ажыга баруучуларга талаптар:

– Акыркы үлгүдөгү паспорт, ошондой эле ID карт паспортунун көчүрмөсү болуусу зарыл;

– Ажыга бара турган жарандардын жашаган жеринен – айылдык өкмөттөн же кварталдык комитеттен маалымкат (справка) алуусу зарыл;

– Ден-соолугу боюнча Ажылык сапарга барып келе ала тургандыгын тастыктаган медициналык справка;

– Аялдардын махрамы менен болуусу зарыл;

– Жашы сексен жаштан ашса, же болбосо ден-соолугу начар болсо, ажыга баруучу адамдарга коштоочу кишилердин керектигин эске алуусу зарыл;

– Ажы башчы талап кылган бардык иштерди аткаруу зарыл.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы

Ажы башчыларына коюлуучу талаптар:

– Ажылыкты уюштуруучу адамдын жеке өзүнүн өмүр баяны (резюмеси);

– Ажылык боюнча канча жылдан бери алектенет, ажылыкты уюштуруу боюнча тажрыйбасы;

– Бир ажыга жумшалуучу чыгымдын толук калькуляциясы;

– Штаб менен байланышып турууга эл аралык чөнтөк телефону (роуминг) болуусу;

– Ажылыкты уюштуруучу жеке адамдын штабдын атына жазуу түрүндө, нотариустан тастыкталган, бардык жоопкерчиликти өз мойнуна алгандыгы тууралуу милдеттенмеси (обязательство);

– Өзү жашаган райондун же шаардын Баш Имам Хатибинен жана Уламалар Кеңешинин эки мүчөсүнөн справка (жолдомо);

– Ар түрдүү күтүүсүз окуялар болсо, өз эсебинен элүү миң АКШ долларына чейин жумшоого ишеним кат берүү;

– Облустук Штабдын талаптарын аткаруусу зарыл.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы

Байланыш телефондору:

Республикалык штаб тел:(0312) 28-35-27; факс: 28-36-54;

Бишкек шаардык штаб: (0312) 28-36-58; 28-39-50;

Ош обл штаб: (03222) 7-41-48; 2-88-18;


Ош шаардык штаб: (03222) 2-47-33;

Жалал-Абад обл штаб: (03722) 5-24-14:

Чүй обл штаб: (0312) 28-35-61;

Баткен обл казыят: (0772)63-26-91;

# Китеп билим булагы







Жалпыбызга маалым болгондой ар бир адам ар башка нерсеге кызыгат. Өтө зарыл же кызыгууну туудурган нерселерди элге жеткирүүдө массалык маалымат каражаттарынын салымы чоң. Арийне бул замандын да талабы.

Айтайын дегеним, акыркы жылдары мусулман калкыбыз зарыл болгон диний маалыматтарды өз эне тилинде окууга мүмкүнчүлүк алды. Исламий маалыматтарды камтыган негизги эмгектердин басымдуу бөлүгү Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы тарабынан кылдат текшерилип, тастыкталган соң жарык көрүүдө.

Ал эми диний басылмаларды негизинен биздин муфтият, «Адеп Башаты» коомдук фонду, ЖЧК«Башак» жана башка коомдук уюмдар, фонддор даярдап, басып чыгарып келет.

Кеп оролундагы зарыл деп эсептелген эки жаңы китеп жакында «Башак» фирмасынын демилгеси менен басылып чыгарылды. Алардын бирөө «КЫСКАЧА ИСЛАМ НЕГИЗДЕРИ (муктасар)» деп аталып, динибиз буйруган жана тыю салган өтө маанилүү укуктук (фикх) эреже-жоболор камтылган. Бул китептин башка укуктук китептерден айырмасы козголгон маселе боюнча Ханафи мазхабынын көз караштары басымдуулук кылып ошол эле маселеде башка мазхаптын көз караштары маалымат катары берилген. Ошондой эле учурдагы көйгөйлүү болгон, бирок жаңы көз караштарды талап кылган укуктук темаларды табууга болот.

КЫСКАЧА ИСЛАМ НЕГИЗДЕРИ нин дагы бир өзгөчөлүгү нукура кыргыз тилинде жазылып, укуктук бардык маселелер жигинен бузулбастан так которулгандыгында. Котормочу Абдуррахим Молдогазиевдин айтуусуна караганда укуктук терминдерди кыргызчалоо өтө кыйынга турду. Ошентсе да котормочунун бай тажрыйбасы жана талыкпаган изилденүүсүнүн натыйжасында аталган китеп өтө жатык, түшүнүктүү тил менен которулду.

Сиздерге маалымдай турган экинчи китеп болсо эртеңки келечегибиз болгон өспүрүмдөргө арналып, «МЕНИН СҮЙҮКТҮҮ ДИНИМ» деп аталат. Өзгөчөлүгү тууралуу айта турган болсок, МЕНИН СҮЙҮКТҮҮ ДИНИМ балдардын тили менен жазылып, өспүрүмөрдү өзүнө тарта турган сүрөттөр, оймо-чиймелер, сызыкчалар менен шөкөттөлдү. Негизги өзгөчөлүгү ар бир тема темага тийиштүү нары кызыктуу, нары ибараттуу икая менен башталат. Башталган тема атайын балдарга арналган жеңил система менен түшүндүрүлөт да, аягында өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроо-жооп ыкмасы коюлган.

МЕНИН СҮЙҮКТҮҮ ДИНИМ китеби эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө ибадат, мусулман баласынын милдеттери, тазалык, даарат жана намаз темалары берилсе, экинчи бөлүм Рамазан, зекет, ажылык жана курмандык темалары менен жыйынтыкталган.

Балдарынын жаркын келечеги жана ата-энелик милдетин кынтыксыз орундаткысы келген диндештерибиз үчүн аталган китептер жардамчы болот деп үмүт кылабыз.